**И.АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**
**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ**
**ТАРЫХ ЖАНА МАДАНИЙ МУРАС ИНСТИТУТУ**
**Диссертациялык кеңеш Д.07.16.528**

*Кол жазма укугунда*

УДК 37:947(575.2):390(575.2)

**Карыева Анара Карыевна**

# КЫРГЫЗСТАНДА АГАРТУУЧУЛУКТУН КАЛЫПТАНЫШЫ ЖАНА ӨНҮГҮШҮ (XIX к. -XX к. башы)

Адистиги: 07.00.02 – Ата Мекендин тарыхы

Тарых илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын
АВТОРЕФЕРАТЫ

**Бишкек – 2017**

Диссертация Н.Исанов атындагы Кыргыз мамлекеттик курулуш, транспорт жана архитектура университетинин Философия жана социалдык-гуманитардык илимдер кафедрасында аткарылды.

| | |
|---|---|
| **Илимий консультанты:** | тарых илимдеринин доктору, профессор<br>**Абдырахманов Т.А.** |
| **Расмий оппоненттер:** | тарых илимдеринин доктору, профессор<br>**Алымбаев Ж.Б.** |
| | тарых илимдеринин доктору, профессор<br>**Курманов К.Ш.** |
| | тарых илимдеринин доктору<br>**Бегалиева А.С.** |
| **Жетектөөчү мекеме:** | И.Раззаков атындагы Кыргыз техникалык университетинин Философия жана социалдык илимдер кафедрасы. |

Диссертация 2018-жылдын «____»____________саат____дө И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Тарых жана маданий мурас институтунун алдындагы тарых илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д 07.16.528 диссертациялык кеңешинин жыйынында корголот. Дареги:720026. Бишкек шаары, Раззаков көчөсү 51а.

Диссертация менен И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин илимий китепканасынан таанышууга болот. Дареги: Бишкек шаары, Раззаков көчөсү 51а. Диссертациянын жана автореферattын тексти «arabav.kg» сайтына коюлган.

Автореферат 2017-жылдын «____»_____________таркалды.

Диссертациялык кеңештин
окумуштуу катчысы, тарых
илимдеринин доктору, профессор Курбанова Н.У.

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Теманын актуалдуулугу.** XXI кылымда күч алган ааламдашуу процесси дүйнөдөгү мамлекеттердин ар тараптуу интеграцияланышына жана илимий-техникалык инновациялардын өсүшүнө шарт түзүп жаткан мезгилде адамзаттын бай руханий мурастары менен баалуулуктарына аяр мамиле кылып, терең изилдөөнү талап кылууда. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2017-жылдын 26-октябрындагы "Тарых жана ата-бабаларды эскерүү күндөрү жөнүндө" Жарлыгында белгиленгендей: "Соңку жылдары тарых илиминин өнүгүүсү, аны идеологиядан арылтуу окумуштууларга Кыргызстандын тарыхынын эң негизги этаптарын жаңыча изилдөөгө жана өткөн мезгилге коомчулуктун объективдүү көз карашын калыптандырууга мүмкүнчүлүк түздү".

Көз карандысыз Кыргыз Республикасы түзүлүп, өз алдынча жашап жаткан чейрек кылымдан ашык мезгилде Ата-мекенибиздин тарыхындагы кыйла "актай барактар" толукталып, мезгил талабына ылайык кайра каралганына карабастан али да изилдөөнү талап кылган маселелер арбын. Өлкөбүздүн тарыхындагы ушундай "актай барактардын" бири – Кыргызстандагы Агартуучулуктун калыптанышынын жана өнүгүшүнүн тарыхы. Анткени, Совет доорунда Агартуучулуктун айрым маселелери белгилүү деңгээлде изилденип, илимий эмгектерде кыргыздардын руханий жана материалдык маданиятындагы прогресстер, билим берүүдөгү жана коомдук аң-сезимдин өнүгүшүндөгү айрым жетишкендиктер локалдуу мүнөздө каралган. Аларда тарыхый чындык евроцентристик позицияда бурмаланып, кыргыздардын салттуу маданияты менен салттуу билими эске алынбай, кыргыз эли маданияттан артта калган, жапырт сабатсыз, түркөй жана жапайы эл катары көрсөтүлгөн. Эгемендик жылдары Агартуучулуктун айрым маселелерине арналган тарыхый, философиялык жана адабий эмгектердин жарык көргөнү менен, ошондой эле бул маселелер тарых илиминде өз-өзүнчө каралып келсе дагы, Агартуучулук боюнча комплекстүү түрдө илимий изилдөө жүргүзүлгөн эмес. Андыктан, Кыргызстандын тарыхында Агартуучулук феномени өзүнүн кең жана нукура маанисинде тарыхый процесс катары тиешелүү баасын албай жүргөн эң актуалдуу маселелердин бири болуп эсептелет. Хронологиялык жактан эки кылымга жакын мезгилди камтыган Агартуучулук кыймылы маани-мазмундук жактан билим, маданият, коомдук аң-сезим, диний модернизм, коомдук-саясий көз караш, идеологиялык баалуулуктар сыяктуу кеңири палитрадагы прогрессивдүү жагдайларды камтый турганы белгилүү.

Агартуучулук феномени орчунду маселелердин бири катары терең жана ар тараптуу изилденбеген жана учурунда мындан концептуалдуу жыйынтык чыгарылбагандыгы кыргыз тарых илиминде айрым өксүк жагдайларды жараткан. Ал мүчүлүштүк дүйнөлүк маданият менен илимдин өнүгүүсүнө багыт берген чыгыш-мусулман ренессансынан, агартуучу ислам маданиятынан жана адамзат цивилизациясынын жетишкендиктеринен таасирленишкен кыргыз ойчул агартуучулардын көз караштарын аныктоодо, Кыргызстандын

тарыхындагы улут тагдырын чечкен 1916-жылдагы Улуттук-боштондук көтөрүлүшүн, 1917-жылдагы Октябрь революциясынын жана 1924-1936-жылдардагы кыргыз-совет мамлекеттүүлүгүн түптөө өбөлгөлөрүн изилдөөдө, алардын максаттарын жана жыйынтыктарын аныктоодо айкын көрүндү. Батыштын жана Россиянын тарыхында Агартуучулук процесси ар дайым коомду алдыга сүрөп, саясий, социалдык, илимий жана маданий төңкөрүштөрдү жаратуу менен коомдук прогресске өбөлгө болгон сыяктуу эле Кыргызстандагы Агартуучулук дагы ушундай тарыхый миссияны аткарган. Бирок, тилекке каршы, Кыргызстандагы Агартуучулук процесси узак жылдар бою тиешелүү деңгээлде изилденбей, агартуучулардын кыргыз элинин тарыхында ээлеген орду менен ролу ачык-айкын аныкталбай, алардын басымдуу бөлүгү тап душмандары катары эсептелип келген. Анын үстүнө дүйнөлүк тарых илиминде “Агартуу”, “Агартуучулук”, “Агартуу доору” боюнча евроцентристтик көз караш өкүм сүрүп, дүйнө элдеринин коомдук-тарыхый өнүгүү процессиндеги бул кыймылды Батыш өлкөлөрү менен гана байланыштырып келишкен. Соңку мезгилдеги изилдөөлөрдө гана Агартуучулук тарыхый-маданий процесс катары Чыгыш элдеринин тарыхында да маанилүү орунду ээлегендиги аныкталды.

Кыргызстандагы Агартуучулуктун калыптанышына XVIII кылымдын аягынан баштап кыргыз коомчулугунда жандана баштаган саясий, социалдык, экономикалык жана маданий өнүгүүлөр шарт түзгөн. Жуңгар хандыгынын кыйрашы менен кыргыз жергесине сырт душмандардын жортуулу токтолу алып келген салыштырмалуу тынчтык, кыргыздардын ислам баалуулуктары кеңири таралган Кокон хандыгынын курамына кириши жана алардын коңшу элдер менен карым-катынашынын күч алышы кыргыздардын коомдук-саясий турмушун белгилүү деңгээлде турукташтырып, коомдук аң-сезимдин жогорулай башташын шарттаган.

XIX кылымдын ортосунан баштап, Кыргызстан Россия империясына каратылып, жергиликтүү бийликтин жүргүзгөн саясатынын негизин падышачылыктын колонизатордук кызыкчылыктары түзгөн. Падышалык бийликтин колониалдык эзүүсү менен бирге “цивилизатордук” жаңычылыктын элементтери дагы кирген. Бул кыргыз элинин дүйнөлүк цивилизациянын алкагына тартылып, коомдук-саясий мамилелерде, чарба жүргүзүүдө, социалдык чөйрөдө, билим берүү жана маданият тармактарында айрым позитивдүү өзгөрүүлөр башталган. Ал эми жаңы административдик башкаруу аймактарынын түзүлүшү, шаар-кыштактардын, алгачкы өнөр жай ишканаларынын пайда болушу, европалыктардын келиши, бирдиктүү тартиптин киргизилиши кыргыздардын социалдык-экономикалык турмушуна жаңылыктарды киргизген. Маданий тармакта европалык типтеги окуу жайлары, саламаттык сактоо жана маданий-агартуу мекемелери ачылган. Ошондой эле ислам модернизми катары жадидчилик кыймыл күч алып, мусулмандык билим берүү иши прогрессивдүү нукка өтө баштаган. Кыргыз элинин позитивдүү багыттагы кыймылына өбөлгө болгон жогорудагыдай жагдайлар XVIII к. экинчи жарымынан башталып, XX к. башында кыйла

өнүккөн жана алар Кыргызстанда Агартуучулук кыймылынын калыптанып, өнүгүшүнө шарт түзгөн.

Албетте, Кыргызстандагы Агартуучулук Европадагы Агартуучулук процессине караганда айрым өзгөчөлүктөргө жана айырмачылыктарга ээ болгон. Батышта Агартуучулук кыймыл кыйла өнүккөн илим-билимге таянса, кыргыздарда “Манас” эпосу баштаган элдик оозеки чыгармалардын, салттуу маданият менен салттуу билимдердин негизинде жаралган. Ошондой эле, кыргыз жергесиндеги Агартуучулуктун калыптануусуна ислам дининин маданий-агартуу баалуулуктары өз таасирин берген. Агартуучулуктун өнүгүшүнө метрополиянын өкүлдөрүнүн миссионердик иштери жана колонизатордук бийликтин айрым “цивилизаторлук” аракеттери да белгилүү деңгээлде салым кошкон. Натыйжада, Кыргызстандагы Агартуучулук белгилүү деңгээлде дүйнөлүк өнүгүүнүн Батыш-Чыгыштык жетишкендиктеринен жана жергиликтүү табигый-тубаса көрүнүштөрдөн жаралган процесс десек болот. Кыргызстандагы Агартуучулук фундаменталдуу жалпылыктары, чечкиндүү багыттары жана концептуалдуу жыйынтыктары бар дүйнөлүк Агартуучулук кыймылына үндөш процесс катары өнүккөндүктөн аны ушул таризде изилдөө азыркы кыргыз тарых илиминдеги актуалдуу проблемалардын бири болуп саналат.

**Изилдөөнүн объектиси** – Кыргызстандын XIX к. – XX к. башындагы социо-маданий тарыхы.

**Изилдөөнүн предмети** – XIX кылымдан XX кылымдын башына чейинки мезгилдеги Кыргызстандагы Агартуучулуктун калыптануу жана өнүгүү процесси.

**Диссертациялык теманын ири илимий долбоорлор, программалар менен байланышы.** Диссертация изденүүчүнүн демилгелүү иши болуп эсептелет.

**Изилдөө ишинин теориялык-методологиялык негизи жана изилдөө ыкмалары.** XIX к.- XXк. башындагы Кыргызстандагы Агартуучулуктун калыптанып, өнүгүшүн изилдөө бир катар методологиялык принциптерге жана методдорго таянып изилдөөнү талап кылат.

Тарых илиминдеги негизги методологиялык принциптердин бири историзм принциби. Ага ылайык тарыхый фактыларды, кубулуштарды жана окуяларды белгилүү бир тарыхый абалдагы окуянын өнүгүүсүнөн баштап, баардык этаптарын ырааттуу кароо керек. Каралып жаткан тарыхый маселени, ал процесстин өнүгүүсүнө катышкан адамдарды доордун өзүнөн бөлүп кароого болбойт. Кыргызстандагы Агартуучулуктун эволюциялык калыптануу жана өнүгүү этаптары да белгилүү бир мезгилдин алкагында, тарыхый кырдаалга жараша болуп өткөн.

Тарыхый изилдөөлөрдү жүргүзүүдө тарыхый объективдүүлүк принциби маанилүү орунду ээлейт. Изилдөөнү бул принциптин негизинде жүргүзүүдө окуя же тарыхый процесс мезгилдин коомдук-саясий өнүгүүсүнүн абалын жана мыйзам ченемдүүлүктөрүн эске алуу менен жүргүзүүнү шарттайт, изилдөөнүн объектисине таандык тарыхый фактылардын жыйындысын субъекттин жеке каалосуна же таңуулоосуна карабастан ошол доордун өнүгүүсүн эске алуу

менен интерпретациялоону жана ошол мезгилге таандык маданиятты, салтты, баалуулуктарды эске алууну талап кылат.

Тарыхый объективдүүлүк принцибине таянуу менен Кыргызстандагы Агартуучулуктун калыптануусуна жана өнүгүүсүнө тарыхый өбөлгөлөрдүн бар экендиги изилдөөнүн хронологиялык алкагына жараша ошол мезгилдин коомдук-саясий, социалдык-экономикалык жана маданий өнүгүсүүн комплекстүү изилдөө менен аныкталды.

Диалектикалык биримдик принцибинин негизинде Агартуучулук кыймылы Кыргызстандын өнүгүүсүндө башка элдердин тарыхындагыдай эле тарыхый-маданий процесс экендиги каралды. Агартуучулук бир эле географиялык чөйрө же аймактагы калктардын коомдук-тарыхый өнүгүүсүнө таандык мыйзам ченемдүү көрүнүш эмес, ал ааламдашуунун натыйжасы экендиги тастыкталды.

Кыргызстандагы Агартуучулуктун XIX к.-XX к. башындагы калыптануу жана өнүгүү процессин изилдөөгө алууда историзм, тарыхый объективдүүлүк жана диалектикалык биримдик принциптер жетекчиликке алуу менен бирге жалпы эле тарых илиминде кеңири колдонулуучу тарыхый-генетикалык, тарыхый-салыштырмалуулук, тарыхый-типологиялык, тарыхый-системалык, анализ жана синтез методдору пайдаланылды.

Тарыхый-генетикалык методологиянын негизинде Агартуучулуктун калыптанышына өбөлгө түзгөн XIX к. - XX к. башындагы коомдук-саясий жана социалдык-экономикалык абалына сарэсеп салынып, изилдөөнүн идеялык булактары катары кызмат кылган элдик оозеки чыгармачылык менен салтуу билимдерине жана Кокон хандыгынын мезгилинен баштап терең сүңгүп кире баштаган ислам баалуулуктарына талдоо жүргүзүлдү. Натыйжада агартуучулуктун башаты мене баштапкы идеялары элдик оозеки мурастарда жана эмпирикалык билимдерде экендиги, ал эми аны элге жеткирүүчүлөр өз доорунун агартуучулары болушкандыгы далилденди.

Тарыхый-салыштырмалуулук ыкмасынын негизинде Кыргызстандагы агартуучулук кыймылынын эволюциялык өнүгүүсүнүн этаптары, агартуучулардын көз караштарынын калыптанышына жана ишмердүүлүктөрүнө тектеш элдердин агартуучуларынын тийгизген таасири салыштырмалуу изилденип, баа берилди.

Кыргыз агартуучуларынын чыгармаларын ретроспективдүү калбына келтирүү диссертациялык изилдөөнүн объектисин реалдуу жана объективдүү чагылдырууга шарт түздүү. Булардан сырткары изилдөө ишинин максатына жараша тарыхый-логикалык ой-жүгүртүү, окуяларды диалектикалык өнүгүүдө жана байланышта изилдөө ыкмалары колдонулду.

Негизинен диссертациялык иш илимий изилдөөлөр талап кылган теориялык-методологиялык принциптерди пайдалануу менен ишке ашырылды.

**Изилдөөнүн максаты** XIX к. – XX к. башына чейинки мезгилде Кыргызстандагы Агартуучулуктун калыптануу жана өнүгүү тарыхын изилдөө болуп саналат. Аны ишке ашыруу үчүн төмөндөгүдөй ***милдеттер*** коюлду:

- Кыргызстанда Агартуучулуктун жаралышын, калыптанышын жана өнүгүүсүн совет дооруна чейинки изилдеген орус жана чет өлкөлүк окумуштуу-саякатчылардын эмгектерине, ошондой эле совет доору менен эгемендүүлүк жылдарындагы Агартуучулуктун маселелелери жөнүндөгү илимий изилдөөлөргө тарыхнаамалык жана булактык анализ берүү.
- Агартуучулуктун Кыргызстанда калыптанышына таасир эткен коомдук – саясий, социалдык-экономикалык өбөлгөлөрүн белгилөө.
- Агартуучулуктун калыптануусунун жүрүшүндөгү элдик оозеки чыгармалар менен салттуу билимдеги идеялык негиздерин тактоо.
- Салттуу ислам баалуулуктарынын Агартуучулуктун калыптанышындагы ордун аныктоо.
- Колониалдык доордогу агартуучулуктун өнүгүшүнө таасир эткен Россиялык “цивилизатордук” миссияга, миссионер-агартуучулардын ишмердүүлүктөрүн объективдүү баалоо.
- XX к. башында күч ала баштаган жадидчилик кыймылдын агартуучулук ишмердүүлүктөрүнө токтолуп, анализ берүү.
- Агартуучулуктун улуттук аң-сезимдин жогорулашына тийгизген таасирин илимий таризде аныктоо.
- Кыргыз Агартуучулугуна салым кошкон кыргыз агартуучуларынын ишмердүүлүктөрүнө баа берүү.

**Проблеманын изилденүү деңгээли** диссертациядагы I баптын 1.1., 1.2, 1.3 параграфтарында каралган.

**Изилдөөнүн булагы.** Изилдөөнүн булактык базасын бир катар топтогу тарыхый булактар түзөт. Бул диссертациянын I бабынын 1.4 параграфында каралган.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы.**

1. XIX к.-XX к. башындагы Кыргызстандагы Агартуучулук кыргыз тарыхнаамасындагы коомдук өнүгүүнүн тарыхый мыйзамченемдүү процесси катары каралып, бул маселеге болгон бир жактуу евроцентристтик позицияга жооп ирээтинде комплекстүү изилдөөгө алынды.
2. Кыргыз Агартуучулугунун калыптануусунун идеялык булактары такталып, анын коомдук аң-сезимдин жогорулашына тийгизген таасири аныкталды.
3. Агартуучулуктун калыптанышындагы салттуу ислам баалуулуктарынын ээлеген орду такталды.
4. Колониалдык доордогу Россиянын цивилизатордук миссиясынын Агартуучулуктун өнүгүшүнө тийгизген оң жана терс таасирлери каралып, алардын пайдасы менен кесепеттерине анализ жазалды.
5. Миссионер-агартуучулардын кыргыз Агартуучулугунун өнүгүшүнө кошкон салымдары аныкталып, алардын ишмердүүлүгүндөгү оң жана терс көрүнүштөгө баа берилди.
6. XX к. башындагы жадидчилик кыймылдын Кыргызстандагы Агартуучулуктун дүйнөлүк цивилизацияга тартууга кылган ишмердиги көрсөтүлдү.

7. XIX к. – XX к. башындагы кыргыз агартуучулардын ишмердүүлүктөрүнө анализ кылынуу менен улуттук аң-сезимдин жогоруланышына тийгизген таасири далилденди.

**Диссертациялык изилдөөнүн илимий-теориялык жана практикалык мааниси.** Изилдөөнүн илимий-теориялык жыйынтыктары Кыргызстандагы Агартуучулук кыймылынын жаңы мезгилде калыптанышы жана өнүгүшү мыйзам ченемдүү көрүнүш экендигин далилдеп турат. Диссертациялык иштин материалдары менен негизги жоболорун коомдук илимдер тармагындагы жалпылоочу эмгектерди даярдоодо, ошондой эле жалпы билим берүүчү мектептер, жогорку жана атайын окуу жайлары үчүн дарстарды, атайын курстарды, окуу китептерди, усулдук колдонмолорду даярдоодо кеңири пайдаланышы мүмкүн.

**Диссертациянын коргоого коюлган негизги жоболору.** Изилдөөнүн жыйынтыгы боюнча жактоого төмөндөгүдөй жоболор сунушталат:

1. Кыргызстандагы Агартуучулуктун калыптанышынын өбөлгөлөрүн XIX к.-XX к. башындагы коомдук-саясий, социалдык-экономикалык жана маданий өзгөрүүлөр, ошондой эле көчмөндөр цивилизациясынын алкагында өнүккөн салттуу руханий маданияты түзөт.

2. Кыргызстандагы Агартуучулук кыймыл тарыхый-маданий процесс катары XIX к. - XX к. башында болуп өткөн. Анын калыптанышына Калыгул, Арстанбек, Молдо Кылыч, Молдо Нияз, Нурмолдо, Алдаш Жээнике уулу, Токтогул, Тоголок Молдо, Жеңижок сыяктуу акындар, кыргыз элинин көрүнүктүү инсандары Алымбек Асан уулу, өнүгүшүнө Шабдан Жантай уулу, Канаат Ыбыке уулу, алгачкы тарыхчылар Б.Солтоноев, О.Сыдыков, агартуучулар Э.Арабаев, Д.Сооронбаев, Э.Арабаев, К.Тыныстанов ж.б. салым кошушкан.

3. Кокон хандыгынын курамына киргенден тартып Кыргызстанга салттуу исламдын кеңири тарала башташы менен мусулман окуу жайларынын көбөйүшү Агартуучулуктун калыптанышына белгилүү шарттарды түзгөн. Жергиликтүү калк диний окуу менен бирге араб арибиндеги адабият аркылуу ислам баалуулуктарын өздөштүрүп, алардын арасынан алгачкы агартуучулардын өкүлдөрү чыккан.

4. Россиянын Кыргызстанды каратышы менен башталган колониалдык эзүү менен кошо маданий-агартуу, саламаттыкты сактоо, тейлөө жайлары ачылып, кыргыздар дүйнөлүк цивилизациянын алкагына тартыла баштаган. Россиянын “цивилизатордук” миссиясы менен миссионер-агартуучуларынын колониалдык саясаттын мазмунуна туура келген негативдүү жактарына карабастан, алар Агартуучулуктун калыптанып, өнүгүшүнө салым кошкон.

5. Кыргыз Агартуучулугунун өнүгүшүнө XX к. башынан башталган ислам модернизми да белгилүү салым кошкон. Жадидчилик кыймылдын кириши менен жаңы усулдук мектептер ачылып, алгачкы китептер, басма сөздөрү пайда болгон. Бул саамалык кыргыз маданиятынын өнүгүшүндөгү жаңы көрүнүш болгон. Ошондой эле ислам модернизми Кыргызстанга панисламизм, пантүркизм идеяларынын таралышына, кыргыз элинин колониалдык бийликке каршы күрөшүнүн күч алышына жана улуттук аң-сезимдин жогорулашына белгилүү салым кошушкан.

**Диссертациялык иштин хронологиялык алкагы** XIX кылымды жана XX кылымдын башын камтыйт.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарынын апробацияланышы.** Диссертациялык иштин негизги мазмуну менен жоболору, жыйынтыктары менен жаңылыктары, маанилүү сунуштары эл аралык жана республикалык илимий, илимий-практикалык конференцияларда баяндалып, колдоого алынган.

**Диссертациянын жыйынтыгы боюнча жарыяланган эмгектер.**

Диссертациялык иштин мазмуну боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясынын талабына ылайык рецензияланган илимий басылмаларда **25** макала жарыяланды. Анын ичинен 8 макала чет өлкөлүк илимий басмаларда (РИНЦ) жарык көргөн.

**Изденүүчүнүн жеке салымы.** Кыргызстандагы Агартуучулуктун XIX к. – XX к. башында калыптанышы жана өнүгүшү биринчи жолу комплекстүү изилденип, ар түрдүү тарыхый булактар менен илимий эмгектерди талдоонун негизинде анализденип илимий айламга киргизилди.

**Диссертациянын түзүлүшү жана көлөмү.** Диссертациялык иш кириш сөз, үч бап, он эки параграф, корутунду жана колдонулган адабияттардын жана булактардын тизмесинен турат. Иштин жалпы көлөмү 000 бетти түзөт.

## ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

***Кириш сөздө*** илимий ишке жалпы мүнөздөмө берилип, иликтөөгө алынган проблеманын актуалдуулугу, максаты жана милдеттери, практикалык мааниси, коргоого чыгарылган негизги жоболору, изилдөөнүн хронологиялык алкагы, иштин апробацияланышы, структурасы жана көлөмү белгиленди.

**“Кыргызстандагы Агартуучулуктун тарыхнаамасы жана изилдөө булактары”** деп аталган биринчи бапта XIX к. – XX к. башындагы Кыргызстандагы Агартуучулуктун изилдениши менен булак базасы каралган. Проблеманын тарыхнаамасын үчкө бөлүп карасак болот: 1) совет мезгилине чейинки орус, европалык саякатчы, окумуштуулардын изилдөөлөрү менен жергиликтүү агартуучулардын байколоору; 2) совет мезгилиндеги советтик, кыргыз окумуштууларынын изилдөөлөрү; 3) эгемендүүлүктүн жылдарындагы изилдөөлөр.

***“Түркстандагы Агартуучулук совет дооруна чейинки изилдөөлөрдө”*** деп аталган биринчи параграфта XVIII к.-XX к. башындагы Борбордук Азиядагы Агартуучулуктун изилдениши талдоого алууда тарыхнаамалык маалыматтарды төмөкүдөй топторго бөлүп, кароону туура таптык: 1) Агартуучулукун калыптанышына өбөлгө болгон коомдук-саясий жана экономикалык абалы боюнча жалпы тарыхнаамалык эмгектер; 2) Агартуучулуктун идеялык булактары болгон элдик оозеки чыгармалар менен салттуу билимдери боюнча; 3) Кыргызстандын аймагындагы билим берүүнүн абалы; 4) Социалдык-маданий маселелери боюнча эмгектер.

XVIII кылымдан баштап Түркстандын аймагы, анын ичинде Кыргызстан дагы орус, европа саякатчы-окумуштууларынын көңүлүн өзүнө тарта баштаган. Биринчиден, буга мамлекеттин кызыкчылыгы, экинчиден окумуштуулардын жеке кызыгуусу түрткү болгон. Россия империясынын Түркстан аймагына болгон саясий, экономикалык кызыгуусунун күч алышына байланышан изилдөөлөр Түркстан аймагындагы элдердин маданий өнүгүүсүнүн тарыхын калбына келтирүүдө мааниси чоң.

Кокон хандыгынын мезгилиндеги кыргыздардын коомдук-саясий, социалдык-экономикалык абалы Д.Телятников менен А.В.Безносиковдун биргелешип жазган “Обозрение Кокандского ханства в нынешнем его состоянии”, В.В.Вельяминов-Зерновдун “Сведения о Кокандском ханстве”, “Исторические сведения о Кокандском ханстве от Мухаммед-Али до Худояр хана”, В.П.Наливкиндин “Краткая история Кокандского ханства”, А.Кундун “Некоторые сведения о Ферганской долине” ж.б. эмгектерде берилген.

Түркстан аймагынын Россиянын курамына каратылышы менен байланышкан коомдук-саясий, экономикалык өзгөрүүлөр Н.И.Гродеков, Г.Загряжский, К.М.Менский, В.Вощинин, Н.П.Шрейдер, С.Воротников, А.В.Васильев ж.б. орус окумуштуу, саякатчы, офицерлери тарабынан жазылган. Алардын эмгектеринде падышачылыктын колониалдык саясатынын кызыкчылыгынан келип чыккан басып алуунун зарылдыктары каралган.

Кыргызстандын XIX к. – XX к. башындагы коомдук-саясий абалы Калыгул, Арстанбек, Молдо Кылыч, Молдо Нияз, Нурмолдо ж.б. кыргыз агартуучуларынын чыгармаларында көркөм жана ынанымдуу чагылдырылган.

Кыргыз элинин элдик оозеки чыгармалары менен салттуу билимдери жөнүндөгү маалыматтарды биз Ч.Ч.Валиханов, В.В.Радлов, Б.В.Смирнов ж.б. окумуштуулардын эмгектеринен, күндөлүктөрүнөн кездештиребиз. Алсак, белгилүү орус окумуштуусу Ч.Ч.Валихановдун “Ысык-Көлгө баргандагы күндөлүгүндө”, “Жунгар очерктеринде” кыргыз элинин турмуш тиричилиги, кийим-кечеси, диндик ишенимдери менен катар элдик чыгармаларына, салттуу билимдерине да баа берилген. Ал эми, көрүнүктүү ориенталист В.В.Радловдун 1885-жылы жарык көргөн “Образцы народной литературы северных тюркских племен” эмгегиндеги “Наречия дикокаменных киргизов” деген бөлүмүндө кыргыз элинин Агартуучулук идеяларынын башаты камтылган элдик оозеки чыгармаларына көңүл бурулган. Кыргыздардын агартуучулугунун баштапкы идеялык өбөлгөсү болгон кыргыздардын руханий маданиятына кызыгып, изилдегендердин бири венгр окумуштуусу Г.Алмаши болгон. Ал 1911-жылы “Манас баатырдын уулу Семетей менен коштошкону” аттуу үзүндүнү жазып алып, “Восточное обозрение” журналына жарыялаган.

Окумуштуулар жазып алышкан “Манас” эпосу баштаган элдик чыгармалар кыргыз элинин руханий азыгы болуу менен агартуунун чоң мектеби болуп эсептелген. Ал эми элдик чыгармаларды аткарып, муундан муунга жеткирген “манасчы”, “акындар” кыргыз Агартуусунун, маданиятынын, элдик аң-сезимдин өнүгүшүнө чоң таасир этишкен.

Совет мезгилине чейинки авторлордун эмгектеринен биз Түркстан, анын ичинде Кыргызстандын аймагындагы билим берүүсүнүн абалы жөнүндөгү маалыматтарды кездештиребиз. Айрыкча Түркстандагы билим берүү жайларынын иштерине түздөн-түз катышышкан С.М.Граменицкий, Н.П.Остроумов, В.П.Наливкин, Н.А.Бобровников ж.б. орус миссионерлери менен чиновниктеринин эмгектеринде билим берүүнүн абалы кеңири каралган. Агартуучулуктун проблемасы жадидчилик кыймылдын негиздөөчүлөрү И.Гаспринский жана жергиликтүү агартуучулар тарабынан да эскерилет.

Кыргыз элинин билим алып, илим үйрөнүүгө болгон мамилелери Осмонаалы Сыдык уулунун 1913-жылы жарык көргөн “Мухтасар тарих Кыргызиа” жана 1914-жылы толукталып басылган “Тарих кыргыз Шадмания” аттуу эмгектеринде учкай баяндалган. Ал казак-кыргыз элинин билимден артта калганын белгилөө менен бирге аймакка түрк тилиндеги басма сөз менен адабияттын тарала башташы элдин көз карашынын өзгөрүшүн жана жаңы түшүнүктөр менен терминдердин киришин белгилеп, элдин илим билимге умтула баштаганынан кабар берет.

Падышачылык Россиянын колониалдык саясаты орногондон кийинки “цивилизатордук” миссиясынын негизинде бир кыйла социалдык-маданий өзгөрүүлөр болгон. Китепканалар, ооруканалар ачылып, аймактын ички, тышкы байланышын камсыз кылган байланыштын түрлөрү ачыла баштаган. Бул туурасындагы маалыматтар В.П.Наливкин, Н.А.Бобровников ж.б тарабынан жазылган.

XVIII к. аягынан баштап XX к. башына чейинки мезгилдеги изилдөөлөрдүн негизин Россиянын колониалдык саясатынын кызыкчылыктарынан улам изилденген эмгектер түзөт жана алардын басымдуу бөлүгү орус окумуштуу-саякатчылары, миссионерлер тарабынан жүргүзүлгөн. Ошол эле учурда, Батыш жана жергиликтүү агартуучулардын чыгармалары дагы XIX к. – XX к. башындагы кыргыз элинин коомдук-саясий тарыхын, маданиятын, анын ичинде Агартуучулук проблемасын изилдөөгө негиз боло алышат.

***«Кыргызстандагы Агартуучулуктун маселелери советтик тарыхнаамада»*** аттуу экинчи параграфта Совет доорундагы тарыхнааамада советтик, кыргыз окумуштуулар тарабынан Кыргызстандагы Агартуучулуктун изилдениши каралган.

Кыргызстандагы Агартуучулуктун тарыхынын маселелеринин Советтик тарыхнаамада изилденишин хронологиялык жактан үч этапка: 1) Совет мезгилинин алгачкы жылдарынан баштап XX кылымдын 40-жылдарынын аягына чейинки; 2) өткөн кылымдын 50 жылдарынан баштап 80-жылдардын ортосуна чейинки; 3) кайра куруу жылдарындагы изилдөөлөр деп бөлүп карасак болот. Ал эми изилдөөлөрдүн багытын мурунку параграфтагыдай эле төрт позициядан анализдөө максатка ылайыктуу.

Диссертациялык иштин хронологиялык алкагындагы мезгилдин коомдук-саясий, социалдык–экономикалык абалы белгилүү окумуштуулар В.В.Бартольд, Т.Рыскулов, кыргыз совет мамлекетинин түптөлүшүнүн

башында турган Ж.Абдрахманов, Б.Исакеев, Э.Арабаев, А.Сыдыков ж.б. эмгектеринде объективдүү берилген. Авторлор Россия империясына чейинки кыргыз элинин коомдук-саясий, экономикалык абалы менен падышачылык Россиянын колониялдык эзүүсүн, жергиликтүү элдин улуттук аң-сезиминин өсүшүндөгү тарыхый кырдаал жөнүндө ынанымдуу далилдердин негизинде чагылдырып беришкен. Ал эми С.М.Абрамзон 1946-жылы жарык көргөн "Очерк истории киргизского народа" эмгегинде Россия империясынын курамына кириши менен кыргыз элинин саясий, экономикалык, социалдык турмушунда өзгөрүүлөрдүн болгондугун белгилеп, акча-товар мамилелеринин, сооданын өнүгүшү, экономикадагы капиталисттик элементтердин кириши менен аныкталган.

Изилдөө иштеринин экинчи этабында бул маселелер белгилүү советтик, кыргыз тарыхчылары Б.Ж.Жамгерчинов, А.Х.Хасанов, С.И.Ильясов, С.М.Абрамзон, А.Г.Зима, К.Ү.Үсөнбаев, В.М.Плоских, А.Б.Жаманкараев ж.б. окумуштуулар тарабынан архивдик, этнографиялык маалыматтардын негизинде кеңири изилденген. Алсак, академик Б.Жамгерчинов «О прогрессивном значении вхождения Киргизии в состав России» аттуу эмгегинде Кыргызстандын Россияга кошулушунун прогрессивдүү коомдук-саясий, социалдык-экономикалык жана маданий жактарын белгилөө менен алгачкы кыргыз агартуучулары Калыгул, Арстанбек, Молдо Кылыч, Тоголок Молдо, Токтогул Сатылганов, Барпы Алыкулов, Ысак Шайбековдун дүйнө таанымдарына анализ кылып, Орто Азияда жашаган башка улуттардын Фуркат, А.Тукай, И.Алтынсарин, Абайлардын прогрессивдүү Агартуучулук көз караштарына да токтолгон.

Ал эми кайра куруу жылдарында аталган доордун жалпы тарыхы коммунисттик идеологиянын догмалык көз караштарынан арылуу менен кайра кароого шарт түзүлгөн.

Кыргызстандагы совет бийлигине чейинки Агартуучулуктун калыптанып, өнүгүшүндөгү элдик оозеки чыгармалар менен салттуу билимдери жөнүндөгү проблемалар алгач Б.Солтоноев, Т.Саманчин, М.Богданова ж.б. изилдөөчүлөр тарабынан колго алынган. Кыргыз агартуучуларынын ичинен Молдо Кылычтын адабий мурастары менен катар Агартуучулук ишмердүүлүгүн биринчи жолу Т.Саманчин изилдеген. Ал эми адабият таануучулар М.И.Богданова, Ө.Жакишев, Т.Саманчин, К.А.Рахматуллиндер 1943-жылы жарыкка чыкка "Кыргыз адабиятынын очерктери" аттуу коллективдүү эмгегинде Калыгул, Арстанбек, Токтогул ж.б. алгачкы кыргыз агартуучуларынын көз караштарына объективдүү баа беришкен.

Жаратылыш менен тыгыз байланышта кыргыз эли өзүнүн көп кылымдык тарыхында элдик билиминин бай запасын топтогонун белгилеген белгилүү советтик окумуштуу, түрколог, этнограф С.М.Абрамзондун изилдөөлөрүндө XIX к. аягы – XX к. башындагы кыргыз элинин мал чарбачылыгына, жер иштетүүчүлүгүнө, аңчылыгына, соода-сатыгы, турак-жайы, кийими, тамак-ашы, медицинасы, диндик ишеними, элдик оозеки чыгармачылыгы сыяктуу материалдык, руханий маданияттарынын маселелери кеңири каралган.

Агартуучулуктун калыптанышынын идеялык өбөлгөлөрүнүн бири болгон элдик оозеки чыгармачылык менен салттуу билимдери Д.О.Айтмамбетов “Культура кыргызского народа во II половине XIX – начале XX вв.” эмгегинде “кыргыз элинин көптөгөн кылымдарды басып өткөн жолундагы тажрыйбалары камтылган элдик даанышмандыгы, бүтүндөй оозеки тарыхы” катары бааланган. Алгачкы кыргыз агартуучуларынын чыгармачылыгына, көз караштарына таптык күрөштүн жана коомдук ойдун өнүгүүшүн кыргыз тарыхнаамасында А.Чукубаев алгачкылардан изилдөөгө алган. Совет мезгилиндеги идеологиялык талаптардын негизинде анализ жазаган автор кыргыз агартуучуларын эки багытка бөлүп караган. Биринчи багытка заманчы акындар Калыгул, Арстанбек, Молдо Кылычты киргизип, “реакциячыл” катары баа берсе, экинчи багытка прогрессивдүү-демократиялык көз караштагы Токтогул, Тоголок Молдо ж.б. киргизген.

Белгилүү чыгыштаануучу В.В.Бартольд “Культура мусульманства”, “История культурной жизни Туркестана” эмгектеринде Түркстандагы анын ичинде Кыргызстандагы агартуучулуктун маселелери каралган. Окумуштуу эмгектеринде салттуу ислам маданиятынын аймакта өнүгушүнө кеңири токтолуу менен бирге мектеп, медреселердин агартуучулук иштерди жүргүзүүдөгү ролун белгилеген. Автор белгилегендей араб тили, графикасы, араб-перс, чыгыш адабияттарынын, мусулман окуу жайларынын Кыргызстандагы Агартуучулуктун калыптанышына тийгизген таасири чоң болгон.

Кыргыз тарыхнаамасындагы Агартуучулуктун негизги проблемалынын бири болгон билим берүү маселеси архивдик маалыматтардын негизинде М.Т.Айтбаев, Д.О.Айтмамбетов, С.С.Данияров ж.б. окумуштуулар тарабынан изилденген. Айрыкча, Д.О. Айтмамбетовдун “Дореволюционные школы в Киргизии” (1961-ж.), “Школьное дело в Туркестане” (1963-ж.) эмгектеринде Өзбекстан, Россияны, Казакстандын мамлекеттик архивдериндеги маалыматтардын негизинде аталган доордун билим берүү, агартуу маселелери, абалы советтик идеологиянын чектөөлөрүнөн чыга албаса дагы бир кыйла алгылыктуу иштелген. Ал.эми С.С.Даниявровдун эмгектеринде жергиликтүү калктын кат-сабатынын ачылышындагы салттуу мусулман жана жаңы ыкмадагы жадидчил мектептердин маанисине токтолуу менен колониалдык доордогу орус, орус-жергиликтүү мектептердин прогрессивдүү жактары изилдөөгө алынган.

Аталган проблема советтик окумуштуулар тарабынан жалпы Орто Азия аймагындагы элдердин маданияты менен бирге каралган. Түркстанда жашаган элдердин маданияты менен бирдикте советтик окумуштуулар К.Е.Бендриков, В.Т.Кочаров, А.Э.Измайлов ж.б. изилдөөлөрүндө каралган. Айрыкча бай архивдик материалдар менен жазылган К.Е.Бендриковдун “Очерки истории народного образования в Туркестане (1865-1924 годы)” эмгегинде Кыргызстандагы Агартуучулуктун өнүгүшүнө салым кошкон агартуу жайлары изилдөөгө алынган. Аталган эмгек Түркстандын билим берүүсүнүн тарыхына арналгандыктан негизги басым аймактын борбору болгон Ташкентке жасалган.

Бирок Кыргызстандагы билим берүү архивдик материалдардын негизинде кеңири чагырылдырылган бул эмгектин өлкөбүздүн агартуусунун тарыхын изилдөөдөгү мааниси чоң экендигин белгилегибиз керек. Ал эми совет мезгилине чейинки билим берүү боюнча жазылган А.Э.Изамайловдун эмгектеринде мусулман агартуу жайлары бир беткей кескин сынга алынып, кыргыз элинин совет мезгилине чейинки кат-сабаттулугу 0,1% түзгөн деп жыйынтыка келген.

Совет мезгилинде кыргыз элинин XIX к. –XX к. башындагы социалдык-маданий өнүгүүсү В.В.Бартольд, С.М.Абрамзон, М.Т.Айтбаев, Д.О.Айтмамбетов, С.С.Данияров ж.б. окумуштуулар тарабынан изилденген. Кыргыз совет маданиятынын калыптанышы, туташ кат-сабатсыздык менен күрөшүү проблемаларына арналган С.С.Даанияровдун монографияларында совет дооруна чейинки өлкө маданиятынын өнүгүшүндөгү Россиянын “цивилизатордук” миссиясынын оң жактарына баа берген.

Өткөн кылымдын 80-жылдарынын ортосунан баштап «коомдук турмуштун көп кырдуу жактарына жаңыча баа берүү зарылдыгы келип» чыккан. Буга айрыкча Кыргызстан коммунисттик партиясынын БКнин 1988-жылдын 28-29 – декабрында өткөн Пленумунда кыргыз агартуучулары Молдо Кылыч менен Касым Тыныстановдун мурастарын кайра карап, оң маанидеги атайын чечим кабыл алынышы жол ачкан. Натыйжада, кыргыз тарыхнаамасында XIX к. – XX к. башындагы көптөгөн маселелеринин ичинен Агартуучулук жана агартуучулардын эмгектерин кайрадан кароо башталган. Бул багытта В.М.Плоских, К.Ү.Үсөнбаев, С.С.Данияров, В.Я.Галицкий, А.Б.Джаманкараев, А.Б.Бедельбаев ж.б. бир катар тарыхчы-окумуштуулар иштешкен.

Советтик окумуштуулардын эмгектеринде совет мезгилине чейинки Агартуучулуктун проблемалары изилдөө объектилерине жараша архивдик материалдардын негизинде бир кыйла изилдөөгө алынган. Бирок партиялык, советтик идеологиянын таңуулоосунан улам изилдөөлөрдө падышачылык өкмөт тарабынан ачылган агартуу жайларынын артыкчылыктарына басым жасалып, мусулман окуу жайлары менен жаңы усулдук мектептердин Агартуучулук ишмердүүлүктөрү үстүртөдөн каралып, объективдүү бааланган эмес. Ал тургай алгачкы кыргыз агартуучуларынын эмгектери, ишмердиктери “реакциялык”, “демократтык” деп каралып, бир катарларынын (“реакциялык” мүнөздөгү) чыгармалары негизсиз сынга алынып келген. Кайра куруу жылдарынан баштап аталган проблеманы кароого реалдуу мүмкүнчүлүк түзүлүп, жаңы өңүттөн карала баштаган.

Биринчи баптын ***“Эгемендүүлүк жылдарындагы изилдөөлөрдөгү Кыргызстандагы Агартуучулуктун калыптанып, өнүгүшүнүн маселелери”*** аттуу үчүнчү параграфында совет мезгилинен кийинки кыргыз маданиятына, анын ичинде билим берүү системасы менен агартуучулуктун өнүгүшүнө арналган изилдөөлөр талдоого алынды.

Кыргызстандын көз карандысыздыкты алышы менен тарых илиминин өнүгүүсүнүн жаңы мезгили башталды. Анын ичинде кыргыз элинин руханий

дөөлөттөрү менен маданиятынын XVIII к. аягы – XX к. башында өнүгүүсүнө салым кошкон ойчул-агартуучулардын коомдук ойдун жогорулашына кошкон салымдары ар тараптан изилдене баштады.

Кыргыз Агартуучулугунун калыптанышынын негизги факторлорунун бири болгон Кыргызстандын XIX-XX к. башындагы коомдук-саясий, социалдык-экономикалык абалын К.Ү.Үсөнбаев, Т.К.Кененсариев, Дж.Дж.Джунушалиев, А.Жуманалиев, З.К.Курманов, Г.К.Кронгардт ж.б. окумуштуулар жаңы тарыхый булактардын негизинде объективдүү чагылдырышты.

Кыргыз элинин Агартуучулук идеяларынын башаты камтылган элдик оозеки мурастардын тарыхый булак катары изилдениши эгемендүүлүк жылдарында И.Б.Молдобаев, С.Аттокуров, Т.И.Асанов тарабынан жүргүзүлүп, окумуштуулар тарабынан “Манас” эпосу, кыргыз санжырасы боюнча изилдөөлөр жүргүзүлгөн.

Агартуучулуктун каралып жаткан этабындагы изилдөөлөрдө ислам баалуулуктары коммунисттик, атеистик идеологиялардан арылуу менен жаңыча карала баштады. Алгач бул проблеманы жаңы методологиялык негизде С.С.Данияров, А.Б.Жаманкараевдар көтөрүп чыгышкан. XIX к. аягы – XX к. башында Кыргызстанда кеңири кулач жайган жадидчил агартуучулардын кыймылын С.С.Данияров, Т.А.Абдрахманов, А.Кубатова, Ж.Байделдеевдер улуттук прогрессивдүү интеллегенциянын реформаторлук кыймылы катары баалап, Түркстандын, анын ичинде Кыргызстандын коомдук-саясий турмушунда улуттук-боштондук идеологиясынын калыптанышына түздөн-түз себепкер болгондугун белгилешет. Ал эми, Т.А.Абдрахманов, А.Табышалиева, М.М.Амердинова, А.С.Ормушев ж.б. Агартуучулуктагы салттуу ислам менен ислам модернизминин Агартуучулуктун калыптанып, өнүгүшүндөгү баалуулуктарына токтолушкан.

XX кылымдын 20-жылдарынын биринчи жарымындагы Орто Азияны улуттук аймактарга бөлүштүрүү процессиндеги кыргыз Агартуучуларынын кыргыз совет мамлекетинин негизделиши үчүн күрөшү, улуттук Агартуу системасынын калыптанышына кошкон салымдары белгилүү тарыхчылар Дж.Джунушалиев, А.Джуманалиев, Э.Ж.Маанаев, З.К.Курманов ж.б. эмгектеринде архивдик маалыматтардын негизинде ынанымдуу далилденилген.

XIX – XX к. башындагы Кыргызстандагы билим берүүнүн, Агартуучулуктун өнүгүшү боюнча Г.Дж.Джунушалиева, А.Б.Болпонова, М.Султанова, А.Кубатова, М.Асипбаевалар илимий изилдөөлөрдү жүргүзүшкөн. Мурунку совет мезгилиндеги туташ сабатсыздык боюнча бир жактуу ой-пикирлерден четтешип, жергиликтүү калктын сабаттуулугу боюнча жаңы толуктоолорду киргизишти. Бирок, мурунку көз караштарды да жактагандар жок эмес. Алсак, XX кылымдын 20-30—жылдарындагы маданий революциянын мезгилиндеги элге билим берүү системасынын калыптанышын изилдөөгө алган А.Турганбаева Кыргыздардын революцияга чейинки сабатсыздыгын совет доорундагы илимий адабияттардын негизинде 0,6% деп берген.

Инсан таануу проблемасын изилдеген тарыхчылар К.Ү.Үсөнбаев, Т.Н.Өмүрбеков, Ө.Ж.Осмонов, Э.Ж.Маанаев, Т.А.Абдрахманов, Т.К.Кененсариев, Б.К.Абытов, А.Б.Бедельбаев, Д.Б.Сапаралиев, Т.И.Асанов, Р.Жолдошев, К.С.Молдокасымов, Г.Токобаева жана башкалар кыргыз элинин XIX-XX кылымынын башындагы белгилүү тарыхый инсандарынын мамлекеттик, коомдук, саясий ишмердүүлүктөрү менен бирге кыргыз элинин маданиятынын өнүгүшүнө салым кошкон даанышман ойчулдар менен агартуучулардын өрнөктүү өмүр жолдорун изилдөөгө алышты. Белгилүү тарыхый инсандар Алымбек датканын, Шабдан баатырдын, Э.Арабаевдин, Канат Ыбыке уулунун ж.б. мусулман окуу жайларын ачышып, Агартуучулуктун өнүгүшүндө белгилүү орунду ээлегендиги көрсөтүлдү.

Кыргыз элинин белгилүү агартуучуларынын бири Касым Тыныстановдун мамлекеттик жана агартуучулук ишмердүүлүгү А.Б.Болпонова тарабынан изилдөөгө алынган. XIX к. – XX к. башындагы жазгыч-акындардын адабий мурастарын тарыхый булак катары изилдеген А.К.Карыева Молдо Нияз, Молдо Кылыч, Нурмолдо, Алдаш Жээнике уулу ж.б. агартуучулук ишмердүүлүктөрүнө токтолуп, алардын Кыргызстандагы Агартуучулуктун калыптанышына кошкон салымдарын аныктаган.

Кыргыз Агартуучулугунун маселелери башка коомдук илимдерде дагы изилдөөнүн объектиси болуу менен философия, педагогика, маданияттаануу илимдеринде А.М.Нарынбаев, А.Ч.Какеев, Ы.М.Мукасов, С.О.Байгазиев, Э.А.Үмөтов, Г.Токтогулова, М.М.Эсенгулова ж.б. тарабынан бир катар изилдөө иштери жүргүзүлгөн.

Кыргызстандагы Агартуунун калыптанышы Борбордук Азиядагы тектеш элдердин Агартуучулугун изилдөөлөр менен бирге жакынкы чет өлкөлөрдүн окмуштууларынын коллективдүү эмгектеринде Б.А.Алимджанова, А.Алимов, Д.Алимова, И.Багиров, М.И.Бакиев, Н.У.Гафаров, А.А.Хайдаров, А.М.Худайкулов, Н.С.Убайдуллов ж.б. тарабынан каралган.

Эгемендүүлүк жылдарындагы изилдөөлөрдө кыргызстандагы Агартуучулук маселелери совет мезгилиндеги бир жактуулуктан арылып, объективдүү карала баштаган.

***“Кыргызстандагы Агартуучулукту изилдөөнүн булактары”*** деп аталган төртүнчү параграфта XIX к. – XX к. башындагы Кыргызстандагы Агартуучулуктун калыптанышы жана өнүгүшүн изилдөөдөгү негизги булактар каралган.

Илимий изилдөөнүн объектисине, хронологиялык алкагына жана тарыхнаамалык багыттарына, мазмунуна жараша колдонулган тарыхый булактарды бир канча топко бөлүп кароо логикалык таризге туура келет. Биринчи топтогу тарыхый булактарга архивдик материалдар кирет. Экинчи топтогу XIX к. – XX к. башына таандык орус тилиндеги тарыхый булактарды расмий отчеттор, статистикалык маалыматтар, атайын түзүлгөн жыйнактар, мезгилдүү басма сөздөр, окумуштуу-саякатчылардын эскерүүлөрүлөрү, изилдөөлөрү боюнча бөлүп карасак болот. Үчүнчү топтогу булактык маалыматтарга жергиликтүү тарыхый булактар кирет. Биз аны кыргыз

агартуучуларынын чыгармалары жана КР УИА кол жазмалар фондусундагы материалдарга бөлүп карасак туура болот.

Белгилүү кыргыз агартуучулары И.Арабаев, К.Тыныстановдун агартуучулук ишмердүүлүктөрүнө, улуттук автономиянын түзүлүшүнө, агартуу системасынын калыптанышына, совет мезгилин алгачкы жылдарындагы агартуучулук иштерине байланышкан маалыматтар КР Борбордук мамлекеттик архивиндеги №21, КРнын саясий документтернин борбордук мамлекеттик архивдериндеги № 10, 391, 415, 415 фондорундагы маалыматтарда кездешет. XIXк.-XXк. башындагы Кыргызстандагы Агартуучулуктун маселесине байланышкан Алымбек датка Асан бий улуу, Шабдан Жантай уулу ж.б. агартуучулардын ишмердүүлүктөрү, Агартуучулуктун калыптанып өнүгүшүнө салым кошкон мусулман, орус, жаңы усулдук окуу жайлар тууралуу маалыматтар Россиянын, Өзбекстандын, Казакстандын мамлекеттик архивдериндеги документтерден турган атайын жыйынактарга topолгон.

Россия империясынын мезгилинде генерал–губернатор К.П.Кауфман тарабынан түзүлгөн отчетунун 8-бөлүмүндө Фергана жана Жети-Суу областары боюнча элге билим берүүнүн абалы каралган. Буга, Аскер губернаторлорунун отчетторуна тиркеме кылып жарыяланган “Обзор Семиреченской области”, “Обзор Ферганской области” жыйнактарындагы Агартуучулуктун маселелери каралган бөлүмдөрүндөгү маалыматтарды кошууга болот. Мында колониялдык доордогу Россиянын цивилизатордук миссиясынын Агартуучулуктун өнүгүшүнө тийгизген салымы тууралуу кеңири статистикалык маалыматтарды кездештиребиз. Түркстан аймагын текшерген Ф.К.Гирстин, К.К.Палендин Отчетторунда Агартуучулуктун өнүгүшүнө таасир эткен жергиликтүү калктын социалдык-экономикалык абалы менен бирге маданияты тууралуу кеңири маалыматтар берилген. Кыргызстандагы Агартуучулук маселелери боюнча баа жеткис тарыхый булак “Собрание сочинений о Туркестанском крае вообще и сопредельных с ним стран Средней Азии” деп аталган «Түркстан жыйнагы» (Туркестанский сборник). Жыйнакка өз мезгилинде жарык көргөн ар кыл макалалар, изилдөөлөр, жана расмий билдирүүлөр топтолгон. Ошондой эле изилдөөнүн маселелери камтылган баалуу тарыхый булактардын катарына “Туркестанские ведомости” газетасы да кирет.

XVIII кылымдын аягынан баштап Кыргызстандын аймагы окумуштуу-саякатчылар, чыгыш таануучулар жана миссионер-агартуучулар тарабынан илимий изилдөөгө алына баштаган. Кыргызстандагы агартуучулуктун маселелери Ч.Ч.Валиханов, В.В.Радлов, Н.П.Наливкин, С.Граменицкий, Н.П.Остроумов, М.А.Миропиев ж.б. эмгектеринен, эскерүүлөрүнөн жолуктурабыз.

Кыргызстандагы Агартуучулуктун калыптанып, өнүгүшүнүн маселелерин кыргыз агартуучуларынын чыгармалары, эмгектерисиз изилдөөгө алуу историзм принципине туура келбейт. Ошондуктан изилдөөнүн дагы бир булактык базасын Калыгул, Арстанбек, Молдо Кылыч, Нурмолдо, Молдо Нияз, алдаш Молдо, Токтогул, Тоголок Молдо, Барпы, Жеңижок, Осмонаалы Сыдык

уулу, Белек Солтоноев, Ишенаалы Арабаев, Касым Тыныстанов ж.б. агартуучулардын чыгармалары менен эмгектери түздү.

Кыргызстанда Агартуучулуктун идеялык башаттары болгон элдик оозеки чыгармачылыгы, салттуу билимдери, кыргыз агартуучуларынын Агартуучулук ишмердүүлүктөрү туурасындагы булакнаамалык маалыматтар КР УИАнын Ч.Т.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун кол жазмалар фондусунда сакталган (мисалы, инв. № 7 (200); № 34 (227); № 37 (231); № 38 (232); № 41(235); №40 (234); №48 (237) ж.б.). Аталган көктөмдөрдө алгачкы кыргыз агартуучулары Калыгул, Арстанбек, Молдо Кылыч, Молдо Нияз, Нурмолдо, Алдаш Молдо, Осмоналы Сыдык уулу, Белек Солтоноев, К. Мифтаков, Ы. Абдрахманов ж.б. эмгектери жана алар жөнүндөгү материалдарда Кыргызстанда Агартуучулуктун калыптанышына элдик салттуу билимдер менен ислам баалуулуктарынын кошкон салымдары кеңири камтылган. Кол жазмалар фондусундагы баалуу тарыхый булактардын бири санжыра болуп эсептелет. Анда кыргыз элинин белгилүү инсандары Алымбек датка Асан бий уулу, Шабдан Жантай уулу, Канат Убуке уулу ж.б. кыргыз Агартуучулугунун өнүгүшүнө кошкон салымдары, алар ачкан медресе, жаңы ыкмадагы мектептер жөнүндөгү фактылар кездешет.

**“Кыргыз Агартуучулугунун калыптануу процесси: өбөлгөлөрү менен идеялык негиздери (XIX к.)”** деп аталган экинчи бапта Агартуучулук процессинин калыптанышына таасир эткен коомдук-саясий, социалдык-экономикалык факторлор менен катар Агартуучулуктун идеялык булагынын башаты болгон элдик фольклорго, салтуу билимдерине, ислам баалуулуктарынын Агартуучулукка тийгизген таасирине анализ кылынды.

***“Агартуучулуктун тарыхый мааниси жана теориялык негиздери”*** деп аталган биринчи параграфта “Агартуу”, “Агартуучулук” сөздөрүнүн маани-маңызына токтолуу менен Батыш, орус жана Борбордук Азиядагы Агартуучулук процесстери салыштырылып, анализденди.

Агартуучулук адамзаттын тарыхында болуучу мыйзам ченемдүү маданий-тарыхый процесстерден болуп эсептелет. «Агартуучулук», «Агартуу» терминдери Батыш Европа ойчулдары тарабынан XVIII кылымдан баштап илимий эмгектерде кенири колдонула баштаган.

Бул агым феодалдык консерватизм менен клерикализмге каршы багытталып, идеалдуу жаңы адамды калыптандыруу менен коомдун жаңы социалдык өнүгүүсүнүн программасын түзүүгө умтулган.

“Агартуу” терминин илимге биринчи 1784-жылы Вольтер киргизсе, “Агартуу доорунун” маани, маңызына алгач көңүл бурган, атактуу немец ойчулу И.Кант болгон. И.Канттын «Агартуу деген эмне? Суроого жооп» макаласында өзү жашаган доорду «Агартуу доору» деп атоо менен агартуучулук – бул адамдын өзү жетилбеген абалынан чыгуусу деп аныктама берген. Адамдын жетиле элек курагы (абалы) анын кимдир бирөөлөрдүн жетектөөсүсүз акыл-эсин пайдаланууга жөндөмсүздүгү. Бул жөндөмсүздүктүн себебин философ акыл-эстин жетишсиздигинен эмес, эрктүүлүгү менен чечкиндүүлүгүнүн жоктугунан көрөт.

Ал эми Г.Гегель Агартууну XVIII кылымдагы (Батыш Европадагы) мамлекеттик түзүлүшкө, башкаруу жөндөмүнө, саясий идеологиясына, элдердин укугуна, сот ишине, динге каршы турган маданий, руханий рационалдык кыймыл катары мүнөздөгөн. Россиянын Агартуу кыймылынын идеяларын В.И.Ленин крепостнойлук укукка, анын экономикалык, социалдык, юридикалык көрүнүштөрүнө каршы туруу менен билим берүүнү, эркиндикти жактап, Россияны европалаштыруу, крепостнойлук укукту жоюу аркылуу турмуштун оңолооруна ишенүү деген аныктама берген.

Соңку илимий изилдөөлөрдө Агартуучулукту ар кандай мааниде карап жүрүшөт. Алсак, айрым окумуштуулар Агартуучулукту феодалдык коомго жана анын идеологиясына каршы багытталган буржуазиянын идеялык кыймылы катары баалашса, айрымдары коомдун, коомдук аң-сезимдин өнүгүшүнө шарт түзгөн билимдүүлүк, илимди жайылтуу, жаңы адамды тарбиялоо менен маданияттын жаңы этапта өнүгүүсүнөн, адилеттүүлүк, элдин, мамлекеттин биримдиги сыяктуу прогрессивдүү идеялардан көрөт.

Демек, «Агартуучулук» коомдун прогресивдүү өнүгүшүн артка тарткан саясий түзүлүшкө, өтө аша чапкан диндик ырым-жырымдарга каршы болуу менен мадниаттуулук жана илим-билим аркылуу прогрессивдүү тең укуктуу коомго карай умтулган руханий кыймыл.

XVIII кылымдын башында Батыш Европаны кучагына алган Агартуучулук прогрессивдүү коомдук түзүлүшкө умтулган башка аймактардагы мамлекеттер менен элдердин тарыхый өнүгүүсүндө боло турган маданий-тарыхый этаптардан экенин соңку жаңы мезгилдеги изилдөөлөр кулак кагыш кылып, глобалдашкан дүйнөлүк өнүгүүнүн акыркы мезгилиндеги илимий изилдөөлөр Агартуу, Агартуучулук процессинин жер шарындагы элдердин бардыгында боло турган маданий-тарыхый процесс экендигин ырасташууда. Ошол эле учурда дүйнөнүн тигил же бул аймагындагы элдеринин коомдук өнүгүшүнө, чарбалык, маданий укладдарына, улуттук менталитетине жараша агартуучулукка мүнөздүү белгилердеги өзгөчөлүктөрү менен хронологиялык алкагындагы айырмачылыктардын болгондугу да белгиленүүдө.

Мисалы, XVII кылымдын экинчи жарымынан XVIII кылымдын аягына чейин камтыган орус Агартуучулугу Батыш Европанын агартуучулугунан өтө айырмаланган. Биринчиден Россиядагы агартуучулуктун идеяларынын демилгеси жогорку бийлик тарабынан көтөрүлүп, Франциядагыдай атеисттик мүнөздө болгон эмес, башкача айтканда дин менен чиркөө андай катуу сынга алынбаган. Экинчиден, бийлик тарабынан көтөрүлгөн агартуучулук падышачылыктын жеке бийлигине каршы турган эмес. Үчүнчүдөн, орус агартуусу жалпы калкты козгобостон, привилегиялуу катмар менен чектелген.

XIX к. – XX к. башында Азияда коомдук ой пикирлердин жандануусу байкалат. Бул ой-пикирлерди жаратышкан интеллектуалдык кыймылдын өкүлдөрү коомдун өнүгүшүн артка тарткан караңгычылыктан, эскичиликтен билимдүүлүк аркылуу улуттук өзгөчөлүктү, көз карандысыздыкты, маданиятты сактап калуу менен чыгуунун жолун издешкен. Элди мындай идеяга

бириктирүү үчүн калктын маданий өнүгүүсүнүн негизиндеги агартууну камсыз кылуу аркылуу гана жетишүүгө болоорун түшүнүшкөн.

Кыргыз элинин тарыхы байыртадан эле Борбордук Азиядагы тарыхый процесстердин тутамында өнүгүп келген. Белгилүү болгондой, мурда Борбордук Азияда жашаган элдердин тарыхый өнүгүүсүндө “Агартуу доору” деп аталган өзгөчө коомдук-өнүгүү процесси каралган эмес. Бирок ошого карабастан бул аймактын тарыхый-маданий өнүгүүсү боюнча изилдеген эмгектерде “Агартуучулукка” таандык ар түрдүү мүнөздүү белгилер изилдөөнүн объектисине жараша каралып келген.

Борбордук Азиядагы элдердин агартуучуларынын дүйнөтаанымдык көз караштары дээрлик салттуу ислам дининин алкагында калыптанган. Илимдин борбору болгон медереселерде диний китептерден тышкары, светтик илимдин ар тармактары боюнча да эмгектер кездешип, илимдин жетишкендиктерин жайылтып, агартуучулуктун милдетин аткарышкан. Аймактагы Агартуучулуктун өнүгүшүнө XIX кылымдын аягынан баштап кеңири жайыла баштаган жадидчилик кыймылдын салымы чоң болгон.

Дүйнө элдеринин агартуучуларындай эле Борбордук Азиянын агартуучулары билим берүүнү жайылтуу менен, илимдин жетишкендиктери аркылуу аймактагы коомдук өнүгүүнү артка тарткан социалдык-экономикалык абалдан чыгуу жолдорун издешкен. О.э. Батыш Европадагы Агартуу кыймылына салыштырганда Борбордук Азиядагы, жалпы Чыгыш өлкөлөрүндөгү агартуучулуктун калыптанып, өнүгүшүндө диндик көз караш бекем болуп, илим менен билимдин, маданияттын өнүгүшүнө чоң таасир тийгизген.

Мурунку Совет мамлекетинин курамына кирген Орто Азия жана Казакстандын аймагында Агартуучулук доордун хронологиялык чеги айрым окумуштуулардын пикири боюнча XIX к.-XX к. башына туура келет. Аймактагы агартуучулук жалпысынан Падышалык Россиянын курамына кириши менен күч алган колониалдык саясатка каршы багытталып, элдин эркиндикке умтулуусу менен коштолгон.

Кыргызстандагы Агартуучулуктун калыптанышына түздөн-түз таасир эткен Борбордук Азиядагы Агартуучулук жана дүйнөлүк агартуучулук идеялары менен катар эле көчмөн цивилизациясынын, салттуу ислам баалуулуктарынын алкагында калыптанган маданияттын тийгизген салымы чоң болгон. Ошондой эле падышачылыктын жүргүзгөн цивилизатордук миссиясы менен миссионерлердин аракети жергиликтүү калктын өнүккөн коомду карай умтулуусуна, аймактагы Агартуучулуктун калыптанышына, өнүгүшүнө өз салымдарын кошкон.

Экинчи баптын ***“Агартуучулуктун коомдук-саясий жана экономикалык өбөлгөлөрү”***деп экинчи параграфында Агартуучуктун калыптанып, өнүгүү процессине таасир эткен коомдук-саясий, социалдык-экономикалык шарттар каралган.

Кыргызстандын аймагынын Кокон хандыгынын ээлигине өтүү процесси XVIII к. 60-жылдарынан башталып XIX к. 30-жылдарына чейин созулган.

Тарыхый маалыматтарда белгилүү болгондой хандыктын үстөмдүгү салык салуу менен чектелген. Иш жүзүндө Кыргызстандын аймагындагы бийлердин, манаптардын жүргүзгөн бийлигине катуу кийлигише алышкан эмес.

Кокон хандыгы европалык маданияттын өнүгүүсүнө тартылган падышачылык Россияга караганда алда канча өнүгүүсү артта калган мамлекет болгон. Башынан аягына чейин жаңы жерлерди каратуу, салыктарды көбөйтүүнүн негизинде жашап келген хандыктын башкаруучуларынын прогрессивдүү реформаларды жүргүзүүгө тубаса жөндөмү да, билимдери да жетишсиз болгон. "Бийлик, байлык" талашкан Кокон хандары аймактын өнүгүшүн көздөгөн саясий, экономикалык же маданий жагынан болсун бир дагы реформа жүргүзүшкөн эмес. Албетте, хандыктын мезгилиндеги элдин руханий маданиятынын өсүшүнө салым кошкон ислам маданиятынын тереңдеп жайылышын эсепке албаганда.

Кыргыз элинин чарбачылыгын мурункудай эле көчмөн, жарым көчмөн маданияттагы мал өстүрүү менен дыйканчылык түзгөн. Ал эми өнөр жайдын өнүгүү деңгээли өтө жай темпте жүргөн.

Кокон хандыгынын мезгилиндеги ири тарыхый окуяларынын бири түндүк Кыргызстанда өз алдынча кыргыз хандыгынын түзүү аракети болгон. Изилдөөлөрдө белгилүү болгондой Ормон хан тышкы саясатын оор шартта жүргүзгөн. Бирок ошого карабастан, ал биринчи кезекте кыргыз урууларынын биримдигин, ич ара ынтымагын чыңдоого аракеттенген. Анын түпкү максаты Кокон хандыгынын аймакта анчейин тамыр жая элек үстөмдүгүн толук жоюп, кыргыздардын көз карандысыз өз алдынча мамлекетин түзүү болгон. Кыргыз хандыгынын мезгилиндеги көңүл бура турган окуяларга: 1846-1847-жылдары болуп өткөн кыргыз-казак чабышы менен уруулар ортосундагы чыр-чатактар кирет.

Кыргызстандагы Агартуучулуктун калыптануусуна кеңири тарала баштаган салттуу ислам маданиятынын таасири чоң болгон. Кокон хандыгынын учурунда Кыргызстанда ислам дини кеңири таралып, жер-жерлерде ислам мектептери жана медреселер ачыла баштаган. Тарыхый маалыматтарга караганда эң алгачкы мусулман кыргыз окуу жайы XVII кылымда курулуп, дээрлик үч кылым бою элге кызмат кылган Молдо Кыргыз медресеси болгон. Медреселер XIX кылымдын башынан баштап белгилүү тарыхый инсандардын демилгеси менен кеңири жайыла баштаган. Анда Орто Азиянын борбордук шаарлары болгон Бухара, Кокон, Хивадагы мектеп, медреселерден билим алышкан мугалим-мударистер сабак беришкен.

XIX кылымдын экинчи жарымынан баштап Кыргызстандын падышачылык Россиянын курамына кирүү процесси башталган. Айрым кыргыз уруу башчыларынын Россия империясынын букаралыгына өтүүгө байланышкан чечимдери менен аракеттери XVIII кылымдын аягында эле башталган. Россиянын 1855-1876-жылдарды кучагына алган Кыргызстанды каратып алуу процесси жергиликтүү эл үчүн оор шартта, узак жана татаал болгон.

Натыйжада, XIX кылымдын экинчи жарымынан баштап Кыргызстандын аймагы жаңы саясий, социалдык-экономикалык, укуктук системага тартылган. Кыргызстандын аймагы Россияга каратылгандан кийин Жети-Суу, Фергана, Сыр-Дарыя жана Самарканд областарынын карамагындагы тогуз уезддин курамына бөлүнгөн. Мында аймактын географиялык, тарыхый, экономикалык жана этномаданий өзгөчөлүгү анча эске алынган эмес. Негизинен Россия империясынын мамлекеттик принциптерине ылайык жүргүзүлгөн.

Падышачлык Россия каратып алган күндөн баштап өзүнүн колониялдык саясатын максатту жүргүзө баштаган. Бул империянын жүргүзгөн жер-суу, оторчулук саясатынан жана цивилизатордук миссиясынан ачык-айкын көрүнгөн. 1868-жылы Талаа губернаторлугун башкаруунун Убактылуу Жобосуна ылайык метрополиянын аймагына кошулган кыргыздар жашаган жерлер “мамлекеттики” болуп жарыяланган. Натыйжада, көп өтпөй орус кыштактарын уюштуруу иштери башталып, жылдан-жылга оторчулардын жана алардын кыштактарынын саны өскөн.

Падыша өкмөтү орус дыйкандарынын жер которуп келүүсүнө 1896-1916-жылдары 237 млн. 310 миң рубл. жумшаган. 1916-жылга карата орустардын жана казак-орустардын 914 кыштагы түзүлүп, 1 миллион 900 миң гектар жер берилген. Ар бир орус чарбасы үчүн 3,17 гектар жер берилсе, жергиликтүү дыйкандарга 0,021 гектар жер, же болбосо 15 мертебе кем бөлүнгөн.

Кыргыз элинин чарбачылыгы мурункуга караганда айрым өзгөрүүлөргө учураган. Жергиликтүү калктын негизги чарбачылыгын мал чарбачылык, дыйканчылык түзгөн. Ошол эле учурда аймактын дүйнөлүк цивилизацияга тартылуусу да байкалат. Бул өнөр жайынын калыптана башташынан көрүнөт. Албетте тарыхый булактар менен илимий эмгектер ырастагандай Түркстандын башка аймактарына караганда өнөр жайдын өнүгүүсү өтө жай темпте жүргөн. Бирок ошого карабастан чет өлкөлүк инвестициянын кириши, майда чакан өнөр жай ишканаларынын көбөйө башташы, соода-сатыктын өнүгүшүнө, акча-товар мамилелеринин жанданышына алып келген. Бул капиталисттик элементтердин кире башташына түрткү болгон. Натыйжада базарлар, айыл-кыштактар, шаарлардын өсүшү, кен байлыкты иштетүү менен жумушчу тобу дагы түзүлө баштаган.

Падышачылык орус өкмөтүнүн салык саясаты акыркы мезгилдеги изилдөөлөрдө белгиленгендей империянын казынасын жарытпаганы менен жергиликтүү калк үчүн оор болгон.

Бирок ошол эле Кыргызстандын падышачылыктын курамына кирүүсү аймактын өнүгүүсүнө оң таасирин тийгизбей койгон эмес. Кыргыз жергесинде орус, орус-жергиликтүү мектептери, Пржевальск, Пишпек, Олуя-Ата, Ош сыяктуу шаарларда алгачкы ооруканалар ачылган. Аймактын ички тышкы байланыштарын жөнгө салганга байланыштын түрлөрү киргизилип, темир жолдор менен пароходчулук салына баштаган.

Кыргыз Агартуусунун, Агартуучулук кыймылынын калыптануу, өнүгүү процесстеринин жүрүшүндө XIX к. – XX к. башындагы аймактагы коомдук-

саясий, социалдык-экономикалык кырдаал жана маданий өнүгүү позитивдүү таасирин тийгизген.

Экинчи баптын **“Элдик оозеки чыгармалар менен салттуу билимдердеги Агартуучулук идеялары”** деп аталган үчүнчү параграфында элдик фольклордогу, салттуу жана эмпирикалык билимдердеги Агартуучулук идеянын негиздерине анализ кылынган.

Кыргызстандагы Агартуучулуктун калыптанып, өнүгүү идеясынын улуттук мүнөзүн аныктоодо элибиздин маданий, руханий өнүгүүсүндө нечен кылымдан бери аздектеп келе жаткан оозеки чыгармалары менен жашоо турмушунун бай тажрыйбасынан топтолгон салттуу билимдердин ролу чоң. Кыргыз Агартуучулугунун көз карандысыздык, эркиндик сыяктуу алгачкы идеялары «Манас» баштаган элдик фольклордо көркөм сөз чеберчилиги менен кынапталып өнүккөн.

Элдик оозеки чыгармачылыктагы макал-лактаптар, эмгек, насыят, санат, үлгү ырлары элдик акылмандыкты, ыймандуулукту, нускоочулукту туюндуруу менен тарбия берүүнүн каражаты катары далай жылдар эл арасында кызмат кылып келген. Ал эми жомоктордо, эпостордо, макал-лакаптарда бүгүнкү балдарды, жаш муундарды тарбиялоонун илимий методдордун элементтери, жүрүм турумдагы мыйзам ченемдүүлүктөрү, инсандын калыптануу этаптарынын эмпирикалык топтому камтылып, көркөм сөздүн керемет күчү менен чагылдырылып, манасчылардын, жамакчылардын, акындардын Агартуучулук чеберчилиги аркылуу элдин жашоо-турмушунда кеңири колдонулган. Кыргыз элинин оозеки чыгармаларында да инсандын, элдин, коомдун, мамлекеттин жетишкендиктери менен ийгиликтерин Батыш агартуучуларындай түздөн-түз акыл-эс менен байланыштырышкан.

Кыргыз элинин маданияты да башка дүйнө элдеринин маданиятындай эле улантуучулуктун негизинде өнүгүп-өскөн. Доорлордун элегинен өтүп, муундан-муунга берилип келген руханий дөөлөттөрдүн негизин элдик оозеки чыгармалардагы коомдук аң-сезимдин өнүгүшүнө түрткү берген элдик прогрессивдүү ой-пикирлер, идеялар менен бирге элибиздин жашоо-турмушунан келип чыккан эмпирикалык билимдердин топтому түзгөн.

Адамзаттын цивилизациясы курчап турган айлана-чөйрөнү, анын көп түрдүү көрүнүштөрү менен мамилелерин өздөштүрүп, үйрөнүүдөгү дүйнөтаанымдын процессинде карама-каршылыктарга, жөнөкөйдөн татаалга, аныксыздыктардан аныктыктарга, сандан сапатка өтүү менен кубулуштун маңызын, формасын, мазмунун аңдашып, улам барган сайын тереңдеп таанып билишкен. Таанып билүүнүн мындай татаалдыгы, көп кырдуулугу, улам жаңы таануулары, кошумчалоолорду, тактоолорду жаратып, кыргыз элинин салттуу билимдеринин негизин түзүп, улам байытып турган.

Кыргыз Агартуучулугунун идеялык булактарынын бири – санжыра. Санжыра нечен кылымдан бери калыптанып келген кыргыз элинин салттуу билими. Санжыра тарых илимине жакыныраак келет, бирок, анын стуруктурасында салттуу билимге таандык өзгөчөлүктөр бекем сакталган.

Кыргыз элинин чарба жүргүзүүсүнөн, күнүмдүк жашоо турмушунун бай тажрыйбасынан топтолгон салттуу билимдери мал-чарбачылык, дыйканчылык, астрономия, элдик педагогика, элдик медицина ж.б. тармактарга бөлүнүп, эмприкалык мүнөзгө ээ. Салттуу билимдердеги астрономиялык жана географиялык мүнөздөгү ар түрдүү маалыматтарды алуу жана жалпылоо зарылдыгы, аларды пайдалануу ыкмаларын өркүндөтүү элдин көчмөн жашоо мүнөзүнүн татаал шарттары менен ырасталат. Эмпирикалык билимдердин негизинде топтолгон бай тажрыйбасын элибиз асман телолорунун кыймылы, жайгашуусу аркылуу аба-ырайынын, күндүн, айдын, жылдын кандай болоорун болжолдошуу менен, чарба жүргүзүүдө эске алган. Мал багууда топтолгон тажрыйбанын негизинде жылдыздар боюнча багыт таап, «Саманчынын жолу», «Алтын казык», «Темир казык», «Чолпон», «Жетиген» жылдыздары аркылуу жолдун багытын, күн менен түндүн маалын аныкташып, жашоо турмушунда кеңири колдонуп келишкен. Кыргыздар башка чыгыш элдериндей эле чарбачылык турмушу менен байланышкан 12 жылдык циклдик жыл сүрүү календарын пайдаланышкан. Салттуу медицинада элдик дарыгерлер тарабынан өсүмдүктөрдүн мөмөлөрү, тамырлары, жалбырактары ж.б. кеңири колдонулуп, элге кызмат кылган. Эмпирикалык билимдердин негизинде убакыт, жер аралыктары белгиленип, салмактын, көлөмдүн өлчөмдөрү аныкталып колдонулуп келинген. Ошондой эле устачылыктын түрү өнүгүп, темир, жыгач, чопо ж.б. иштетип, жашоо-турмушка, күнүмдүк керектөөгө ылайыктуу буюм-теримдер жасалган.

Тарыхый өнүгүүнүн өзгөчөлүгүнө жараша коомдук, саясий, социалдык шарттардын түздөн-түз таасиринде Агартуучулуктун маңызы менен мазмуну өзгөрүлүп, улам жаңы баскычка жогору карай өнүгүп келген. Салттуу маданияттын негизинде калыптанган өнүгүү тарыхыбызда элге билим, таалим-тарбия берип, коомдук аң-сезимдин, дүйнөтаанымдын кенейишинде мектеп, медреселер сыяктуу билим берүү жайлардын пайда болуп, кеңири жайылганга чейин Агартуучулукту манасчылар, кошокчулар, жамакчылар, акындар, салттуу билимдерди жайылтуучулар оозеки маданияттын үлгүсүндө аткарып келишкен.

Экинчи баптын төртүнчү параграфы ***“Агартуучулуктун калыптанып, өнүгүшүндөгү салттуу исламдын баалуулуктары”*** деп аталат.

Кыргыз Агартуусунун калыптанышынын негизги өбөлгөлөрүнүн бири салттуу ислам маданиятынын баалуулуктары. Ислам динин Кыргызстандын аймагында таралышы жана бекемделиши он үч кылымга чукул созулуп Борбордук Азиядагы, анын ичинде Кыргызстандын аймагындагы татаал коомдук-саясий окуялар менен коштолгон. Кыргыздардын арасында исламдын таралышы жетишээрлик даражада узак жана оор процесс болгон. Кыргызстанда ислам дининин өтө кенири таралышы Кокон хандыгынын учурунда башталат.

Жүздөгөн жылдар аралыгында Орто Азия элдери менен катар кыргыз эли дагы араб-түрк цивилизациясынын алкагында эч кайталангысыз салттык, нравалык баалуулуктарды түзүп келген. Исламдын Кыргызстандын аймагында таркатылышынын кыргыз элинин маданиятынын жана аң сезиминин

калыптанышындагы таасири чоң. XIX – XX к. башында мамлекеттик институттар жок кезде салттуу ислам элдин этноконфессиналдык иденттүүлүгүнүн сакталышынын, руханий маданияттын өнүгүшүнүн жана улуттук кайра жаралышынын негизги факторлорунун бири болгондугу ырас. Бирок, Кыргызстандын аймагындагы салттуу исламдын баалуулуктары арабдардын же болбосо фундаменталдык исламдан айырмасы болгон. Анткени салттуу исламга болгон ишеним, ислам менен мусулманчылыкка чейинки маданияттын симбиозунан туруп, салт менен ишеним жуурулушуп кеткендиги байкалат.

Исламдын таралышы мусулман элдеринин руханий маданияты, араб жазуусундагы араб, перс адабияттары менен таанышууга мүмкүнчүлүк түзгөн. Жергиликтүү калк араб, перс адабияттары, китептери менен тааныша башташкан. Бул элдин руханий дүйнөсүнүн кеңейишине, кыргыз агартуучуларынын дүйнөгө болгон көз караштарынын калыптанышына өбөлгө түзгөн. Руханий маданияттын бир бөлүгү катары кыргыз элинин улуттук аң-сезиминин калыптанышына да түрткү болгон.

Ислам маданияты менен кошо келген араб жазуусу Орто Азия элдеринде, анын ичинде кыргыздар арасында да кеңири таралып, Совет мезгилинин алгачкы жылдарына чейин кызмат кылып келген. Молдо Нияз, Молдо Кылыч, Нурмолдо, Тоголок Молдо, Алдаш Молдо, Осмонаалы Сыдык уулу, Б.Солтоноев, Э.Арабаев ж.б. кыргыз агартуучуларынын эмгектери араб графикасында жазылган. Ал эми Молдо Кылычтын “Кысса зилзала” поэмасы 1911-жылы Казанда, Осмонаалы Сыдык улуунун “Мухтасар тарых Кыргызия” эмгеги 1913-жылы, “Тарих-и кыргыз Шадмания” эмгеги 1914-жылы Уфа шаарынан басылып чыккан. Агартуучулардын китептеринин басмаканадан басылып чыгышынын өзү кыргыз тарыхындагы чоң саамалык болгон.

Агартуучулуктун контекстине билим берүү, кат-сабатын ачуудан тышкары коомдун мүчөлөрүнө тарбия берүүдө, ыймандуулук, гумандуулук принциптери менен нарк-насилдери камтылган. Жаңы, өнүккөн коомдун адамын тарбиялоо Агартуучулук кыймылынын тутумундагы негизги элементтерден болгон. Ошондуктан, кыргыз коомчулугунда салттуу исламдын негизинде таалим-тарбия берүүгө өзгөчө көңүл буралган. Исламдын негизиндеги таалим-тарбиялык маанидеги Агартуучулук идеялар Калыгул, Молдо Кылыч, Нурмолдо сыяктуу кыргыз агартуучуларында кеңири кездешет.

Араб маданиятынын таасиринде Орто Азияда билим берүүнүн бирден бир коомдук институту болгон, окуу жайынын жаңы тиби – медреселер иштей баштаган. Илим менен билимдин борбору болгон медереселерде диний китептерден тышкары, светтик илимдин ар тармактары боюнча да эмгектер кездешип, илимдин жетишкендиктерин жайылтып, алар Агартуучулуктун милдетин аткарышкан. Жогоруда белгиленгендей, Кокон хандыгынын учурунда Кыргызстанда ислам дини кеңири таралып, жер-жерлерде мечиттер салынып, алардын алдында мусулман мектептери жана медреселер ачыла баштаган. Медреселердин салынышы жана каржылоо иштери кыймылсыз вакуф менен жүргүзүлгөн. Кыргызстандын түндүгү менен түштүгүндөгү

мектептердин саны бирдей болгон эмес, бул чарба жүргүзүү, жана жашоо шартына ж.о.э. диндин бекем терең орун алуусу менен түшүндүрүлөт.

XIX кылымдын аягында мусулман мектептери тездик менен жайыла баштаган. 1891-жылы Жети-Суу областында 64 мектеп, медресе болгон, анда 1251 окуучу окуган, а 1895-жылы 74 мектеп болуп, окучунун саны 9086 жеткен. Ал эми 1897-жылы мектептердин саны 88 жетсе, окуучулардын саны 12835 жеткен. Анда билимди сырттан келишкен, башында өзбек, кийинчерээк татар молдолор келе баштаган. Бара-бара жергиликтүү калктын өкүлдөрү да тыштан билим алып келе башташкан. Бирок ачылган медресе, мектептердин саны жергиликтүү калктын муктаждыгын толук аткара алган эмес. Мусулман окуу жайлары Совет бийлигинин алгачкы жалдарында да билим берүү системасында сакталган. Көчмөн чарбачылыктын шарттында жашашкан кыргыз элинин сабаттуулугун ачууда мусулман окуу жайларынын ролу жогору. XX к. башына чейин мектеп, медреселер жергиликтүү калк үчүн бирден-бир билим алууга мүмкүнчүлүк берген маданий агартуучу жайлардан болгон. Ислам маданияты кыргыз элинин, Кыргызстандын Совет мезгилине чейинки руханий маданиятынын, коомдук турмушунун ажырагыз бир бөлүгү болгондугу талашсыз. Ислам маданияты аймакта илимдин, билимдин жайылышына гана таасир этпестен сооданын, шаар маданиятынын өсүшүнө дагы таасир эткен.

Бирок, көчмөн, жарым көчмөн чарбачылыктагы кыргыз элине караганда, отурушташкан коңшу өзбек, тажик, түркмөн элдеринин жашоо-турмушунда, аң-сезиминде ислам терең орун алган. Ал эми Кыргызстанда аларга салыштырганда солгун, төмөн болгон. Жадидизмдин таралышы деле башка Орто Азиядагы элдерге карганда толук кандуу жүргөн эмес.

Диссертациялык иштин **“Кыргызстандагы Агартуучулуктун өнүгүшү (XX к. башы)”** аталыштагы үчүнчү бапта Агартуучулуктун өнүгүшү менен түздөн-түз байланышта болгон колонизатордук падыша өкмөтүнүн цивилизатордук саясатынын оң жана терс жактары, миссионер-агартуучулар менен жадидчил агартуучулардын салымы каралып, Кыргыз Агартуучулугунун жетишкендиктери менен натыйжаларына анализ кылынды.

Үчүнчү баптын биринчи параграфы ***“Колониалдык Россиянын цивилизатордук аракеттери жана Агартуучулук”*** деп аталат.

Кыргызстан падышачылык Россиянын метрополиясына айлангандан баштап бир катар коомдук–саясий, социалдык-экономикалык жана маданий өзгөрүүлөргө дуушар болгон. Уруулар ортосундагы чыр-чатактар токтоп, падышачылыктын мыйзамдары иштей баштаган. Падышачылыктын колониалдык саясаты күч алган мезгилинде капиталисттик өнүгүүнүн кыргыз коомуна болгон таасири жергиликтүү калктын салттык чарбасынын бузулушуна, акча-товар мамилелеринин өнүгүшүнө, шаар-кыштактарын өсүшүнө алып келген. Чакан өнөр жай ишканалардын көбөйүшү, отурукташкан чарбалардын, жумушчулардын өсүшүнө өбөлгө түзгөн. Бул мезгилге чейин соода жүргүзүүдө товар алмашуу басымдуулук кылып келсе, эми акча товар мамилеси үстөмдүк кылып, туруктуу соода жайлары өсө баштаган. 1883-жылдан 1913-жылга чейинки аралыкта 165тен 560ка чейин өсүп жеткен.

Сооданын өнүгүшүнө Кыргызстандын ичиндеги байланыштарды камсыз кылуу үчүн Нарын, Пржевальск, Пишпекти Верный, Ташкент менен байланыштырган жолдордун курулушу, Россиянын ички аймактары менен байланыштырган темир жол линиясынын ачылышы өбөлгө түзүп, экономиканын өнүгүүсүнө таасирин тийгизбей койгон эмес. Россиянын курамына кирүү менен байланышкан экономикалык өзгөрүүлөргө темир жолдордун курулушу да кирет. Эгерде XIX кылымдын ортосуна чейин Орто Азияда темир жол жок болосо, 1915-жылы 4миң км темир жол иштеген. Бул аймактын соода байланышын кеңейтүүдө, өнөр жайынын өнүгүшүндө чоң роль ойногон. 1912-жылы Кокон-Наманган, Горчаков-Скобелев, кийин Ош-Жалал-Абад темир жолунун бутагы ишке кирген. Кыргызстандын аймагы менен Россияны байланыштырган Түркстан-Сибир темир жолунун Луговая-Пишпек участогун куруу иши 1913-жылы башталган. Жолдор менен катар почта, телефон, телеграф байланыштары дагы ачылган. Ал эми Ысык-Көлдө пароходство уюшулган.

Түркстандын империясынын курамына кириши менен келгин орус тилдүү калктын саны көбөйгөн. XX кылымдын башында Түркстанга 750 миң дыйкандар, казактар көчүрүлүп келинген. Отурукташкан орус чарбаларындагы позитивдүү көрүнүштүн көчмөн кыргыз чарбачылыгына таасири тийбей койгон эмес. Алсак, 1906-1907-жылдары Пржевальск уезди боюнча гана 4222 кыргыз чарбасы отрукташкан чарбачылыкка өтүү өтүнүчү менен кайрылышкан. Ушундай эле өтүнүч менен башка уездердин жергиликтүү калктары да кайрылышкан. 1910-жылдын аягына карата Пишпек уездинде 11694 чарба, Нарын уездинде 2971 чарба отурукташкан. Көчмөн, жарым көчмөн чарбадагы кыргыздарды толук отурукташтыруу, жер менен камсыз кылуу колонизатордук бийликтин кызыкчылыгы болгон эмес, бирок ошого карабастан отурукташуу процесси башталган.

XX к. башында Түркстанда, анын ичинде Кыргызстандын аймагында мектептер, маданий, агартуу, дарылоо жайларынын ачылышы кескин өскөн. Участкалык дарылоочу жайлар менен шаардык ооруканалар ачыла баштаган. Алсак, 1900-жылы Ошто 15 орундук, 1912-жылы Пржевальск шаарында 12 орундуу шаардык бейтапкана ачылган. Мындан тышкары Ош, Пишпек, Пржевальск, Нарында аскердик лазареттер болгон.

Башка маданий агартуу жайлары менен бирге китепканалар да ачыла баштаган. 1892-жылы Ыссык-Ата минералдык булагында биринчи коомдук китепкана ачылган. Китепкананын кызматынан дарылануучулар менен бирге жергиликтүү калктын өкүлдөрү да пайдаланышкан.

1875-жылы Туркстан аймагында жергиликтүү калктын өкүлдөрү окуй турган, колониалдык орус өкмөтүнүн орусташтыруу саясатына ыңгайлуу окуу жайларын ачуу боюнча мыйзамдын долбоору иштелип чыгып, кабыл алынган. Натыйжада, аймакта, анын ичинде Кыргызстанда орус, орус-жергиликтүү (тузем) мектептери ачыла баштаган. Түркстандагы башка элдердей эле кыргыз Агартуусунун өнүгүшүндө орус-жергиликтүү мектептеринин тийгизген таасири чоң болгон. Учурунда бул мектептерден кыргыз мамлекетинин

калыптанышына, маданиятынын өнүгүшүнө салым кошушкан элибиздин белгилүү инсандары Ж.Абдрахманов, К.Тыныстанов, Т.Айтматов, О.Э.Алиев, Т.Токбаев, Т.Жолдошев ж.б. билим алышкан. Ошол эле учурда кесиптик окуу жайлар, балдардын, кыздардын гимназиялары ачылып иштей баштаган.

Түркстандын аймагында 15ке чукул илимий коом иштеген. Ар кыл илимий коомдордун мүчөлөрү болгон орус окумуштуулары, саякатчылары, миссионерлери кыргыз элинин коомдук мамилелерин, тарыхын, маданиятын, Кыргызстандын табиятын, кен-байлыктарын изилдөөгө алууну башташкан. Албетте, изилдөөлөрдүн түпкү кызыкчылыгы орус өкмөтүнүн колонизатордук саясаты менен байланышта болгон. Бирок, ошого карабастан аталган илимий коомдор тарабынан Кыргызстандын географиясы, тарыхы, этнографиясы, маданияты боюнча жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн бүгүн да маанисин чоң.

Россиянын цивилизатордук иш-аракеттерин Кыргызстандын Агартуучулугунун өнүгүшүнө тийгизген позитивдүү жактары менен бирге негативдик жактары дагы болгондугу ырас. Ар бир жакшы жасалган иштин артында колониалдык бийликтин геосаясий кызыкчылыгы болгон. Ошол учурда падышачылык бийлик өзүнчө маданияты, салты бар «жат», «түркөй», «варвар» жергиликтүү калкты мамлекеттеги башка калктар (орус) менен тең, бирдей кабыл алууга аракеттери дагы болгон эмес.

Албетте, падышачылык Россия империянын кызыкчылыгынан улам аймакка көп салым кошкон жана колониалдык бийликтин учурундагы экономикалык, маданий жетишкендиктерди таптакыр таанууга болбойт.

Үчүнчү баптын ***“Миссионер агартуучулардын Агартуучулукка кошкон салымы”*** деп аталган экинчи параграфында падышачылык Россиянын курамына киргенге чейинки жана кийинки орус миссионер агартуучулардын Түркстандын, анын ичинде Кыргызстандын аймагындагы Агартуучулукка тийгизген таасири изилдөөгө алынган.

Падышачылык өкмөт жергиликтүү калкты орусташтыруу саясатын орус жана жергиликтүү билим берүү системасын жакындаштыруу аркылуу ишке ашырууга аракет кылган. Түркстанды маданий жактан өздөштүрүү менен орусташтыруу аркылуу орус маданиятынына жуурулуштуруу аймактын башкаруучуларынын жүргүзгөн саясатынын маанилүү бөлүгүн түзгөн. XIX кылымдан баштап, Россиянын билим берүү саясатында өлкөгө жалпы билим берүү системасын киргизүү процесси башталган. Бул процессти ишке ашырууда империянын курамына кирген жат элдердин сабатсыздыгы менен күрөшүүгө да туура келген. Колониалдык башкаруу бийлигинин бул милдетти ишке ашыруусундагы эң керектүү куралдардын бири миссионерчилик болгон.

Миссионердик агартуучулукта жергиликтүү эл менен орустардын жакындашуусунда билим берүүчү жайлардын ачылышына, алардын ишмердүүлүгүнө өзгөчө көңүл бурулган. Натыйжада, Түркстан аймагында бир катар билим берүүчү мектептер, анын ичинде жергиликтүү элдин өкүлдөрү өз эне тилдеринде билим ала турган миссионердик окуу жайлары же болбосо орус-жергиликтүү мектептери түзүлө баштаган. Кыргызстандын аймагында

биринчи Токмокто 1870-жылы ачылган. XX к. башында мындай мектептер Кыргызстандын бардык аймагында болгон.

Борбордук Азиянын Россиянын курамына кошулушу менен жергиликтүү элдин исламдашуусу мурдагыдан дагы жогорулаган. Күн санап өсүп жаткан ислам окуу жайларынын көбөйүшүнөн, анын жергиликтүү элге болгон таасиринен чочулаган падышалык өкмөт Россиянын борборунан атайын даярдалган миссионер-агартуучуларды тартууга аргасыз болгон. Анткени ислам окуу жайларынын өсүшү, орус өкмөтүнүн жүргүзгөн саясатына каршы турган топторду, күчтөрдү даярдай тургандыгынан ачык эле чочулашкан. Айрыкча XIX кылымдын аягынан баштап жандана баштаган жадидчилик кыймыл колониалдык өкүмөттүн тынчсызданууcун күчөткөн. Жалпы Түркстан, анын ичинде Кыргызстандын аймагындагы исламдашуунун күч алышы орус бийлигин миссионер агартуучуларын ишке тартууга аргасыз кылган.

Жалпы эле Түркстандын аймагындагы Агартуучулук процессинин жүрүшүндө Н.П.Остроумов, Н.И.Ильминский, С.М.Граменицкий, В.П.Наливкин, М.А.Миропиев ж.б. миссионерлик иш-аракеттерди жүргүзүшкөн. Орус миссионер-агартуучуларынын негизги аракеттери колониалдык бийликтин саясатын жактаган үгүт-насыят иштерин, окуу пландары менен окуу китептерин даярдоо менен катар жергиликтүү элге билим-тарбия, илимий-изилдөө иштерин жүргүзүү, диний үгүттөө амалдарын аткаруу болгон. Миссионер-агартуучуларды аймактагы Агартуучулукта колониалдык бийликтин орусташтыруу саясатынын негизинде ачыла баштаган орус-жергиликтүү мектептерине өзгөчө көңүл бурушкан.

Россиянын бөлөк метрополияларында мындан эртерээк киргизилген Н.И.Ильминскийдин иштеп чыккан агартуучулук принцибине ылайык мектептердеги окутуу ишинин биринчи этабында эне тилинде альфавит, арифметика, диндин негиздери менен таанышуудан башталып, акырындап орус тилин үйрөтүп, бара-бара бардык сабактарды орус тилине өтө башташы каралган. Орус-жергиликтүү мектептеринин программасына ылайыктуу окуу куралдарды иштеп чыгуу колго алына баштаган. Миссионер-агартуучулар С.М.Граменицкий, В.П.Наливкин ж.б. тарабынан окуу куралдары, усулдук иштер иштелип чыккан.

Орус-жергиликтүү мектептерин ачуунун эң негизги максаты аймакты орусташтырууну тездетүү аркылуу падышачылыктын колониалдык саясатына каршы жергиликтүү калктын тоскоолдуктарынан арылуу болгон. Экинчи жагынан, бийликтин төмөнкү административлык аппаратына, ошондой эле транспорт, байланыш, медицина ж.б. тармактарга жергиликтүү элдин сабаттуу, орус тилинде сүйлөй ала турган өкүлдөрүнөн адистерди даярдоо зарылчылыгынан келип чыккан. Ошол эле учурда миссионердик агартуучулукта жергиликтүү элдин көчмөн цивилизациясынын алкагында өнүккөн тарыхый, салттуу маданий өнүгүүсүн эске алышкан эмес.

Алсак, орус-миссионерлеринин өкүлү М.А.Миропиев түрк-татар мусулман элдеринин өзүн-өзү башкаруусуна каршы туруу менен, жергиликтүү элдерди толук орусташтуруу керектигин талап кылган. Ислам цивилизациясы

менен христиан цивилизациясынын бири-бирине каршы коюу менен бул эки дин чогуу тынчтыкта жашай албастыгын айтып, ислам дининдеги татарлар, өзбектер, казактар, түркмөн, башкыр, кыргыздар ж.б. элдерге өз алдынча диндик эркиндикти бербөөнү көтөргөн. Миссионер исламга болгон фанатизм күч алып, христиан динине болгон кастык күчөтөөрүн билдирүү менен Орто Азия элдерин ислам дининен баш тарттырууну сунуштаган.

Падышачылыктын диндик-агартуучулук миссионердик ишмердүүлүгү бир эле учурда чаржайыт жана уюмдашпаган мүнөздө өткөн. Диндик миссионердик иш кээ бир орус адамдары тарабынан жүргүзүлбөсө, мамлекеттик деңгээлде уюштурулбаган. Миссионерлердин диндик үгүт-насаат иштери негизинен исламдын ишенимдери терең тамыр албаган Жети-Суу областында жүргүзүлгөн. Диндик миссионердик иш аракеттердин натыйжасында 1882-жылдын 21-майында Ысык-Көлдүн жээгинде Свято-Троицкий миссинердик монастыры курулган. Император бул монастырга 509 теше 200 сажен жер участогун берген. XX кылымдын башында Ташкенттеги епархиянын епископтук кафедрасын жетектеген епископ Димитрийдин (Абашидзе) өз алдынча жүргүзгөн статистикалык маалыматы боюнча жарым кылымга созулган падышачылыктын мезгилинде Түркстанда 8 кыргыз, 2 түркмөн, 3 өзбек, 1 тажик христиан ишенимин кабыл алган.

Албетте, миссионер-агартуучулардын ишмердүүлүгүндөгү жогоруда белгиленгендей оң жана терс жактары болгонуна карабай Кыргызстандагы Агартуучулуктун өнүгүшүнө олуттуу таасирин тийгизген.

***“Агартуучулукка жадидчилик кыймылдын тийгизген таасири”*** аталган үчүнчү баптын экинчи параграфында Борбордук Азиядагы ислам модернизминин Кыргызстандагы Агартуучулуктун, улуттук аң-сезимдин өнүгүшүнө тийгизген таасири анализге алынган.

Коомдук-маданий көрүнүш катары ислам модернизми колониалдык доордо калыптанып, жаңы өнүгүүгө, Батыштагыдай техникалык жетишкендиктерге, демократиялык түзүлүштөргө умтулууну сунуштоо менен прогрессивдүү жаңы өнүккөн мусулман коомун түзүүнү көтөрүшкөн. XX кылымдын башына карата Европадагыдай Чыгышта атуулдук коом, демократиялык мекемелер болгон эмес, бирок ошого карабастан атуулдук аң-сезим, патриоттуулук, улуттук кызыкчылык сыяктуу түшүнүктөр күч алып, улуттук биригүүлөр жандана баштаган.

Борбордук Азиядагы мусулман элдериндеги салттуу исламдын модернизациясы Түркстан аймагынын Россия империясынын курамына кириши, орус, европалык билим берүүнүн системасына тартылышы менен башталган. Европа, Түркия, Египет, Иран өлкөлөрүндөгү агартуу кыймылы Россия империясынын курамындагы мусулман элдерде агратуучулуктун жанданышына алып келген. Ошол эле учурда агартуучулукту идея кылган жадидчилик кыймыл карама-каршы эки маданияттын, диндик күрөшүнүн контекстинде жаралган. Жадидчилик кыймылдын калыптанышынына Иран, Индия, Турция, Египет, Россия ж.б. келген адабияттар, чет өлкөлөрдөгү

(Европадагы), Россиянын өзүндөгү маданияттын, агартуунун өнүгүшү, Россияда, Иранда, Турцияда болгон көтөрүлүштөр да таасирин тийгизген.

XX к. башында Түркстанда жергиликтүү интеллигенциянын өкүлдөрү “колониалдык эзүүнүн негизги себеби катары, элдин сабатсыздыгын жана түшүнбөстүгүн эсептешип, аларды жоюу максатында” жадидчилик кыймылды жайылта башташкан. Орто Азияда анын ичинде Кыргызстанда жадидчиликтин калыптанышы XIX к. экинчи жарымы – XX к. башындагы социалдык-экономикалык, саясий жана маданий өзгөрүүлөр менен байланышта болгон. Кыргызстандын аймагында жаңы усулдук мектептер XX кылымдын башынан баштап жайыла баштаган. 1901-1902-жылдарда Пржевальскиде үч, Пишпекте эки, Токмокто бир жаңы усулдук жадид мектептери ачылган. Кийинчерээк мындай мектептер Чоң-Growing Кеминде, Кочкордо, Курткада, Тоңдо ж.б. жерлерде ачылып иштей баштаган. Шабдан Жантай уулу 1909-жылы Чоң Кеминде Тар-Суу айылында медресе ачкан. Анда Кемин, Кочкор, Жумгал жана Чүй өрөөнүнөн 150дөй адам билим алган. 1912-жылы Калпа ажы Ак-Талаанын Курткасында, Канат Ыбыке уулу менен Өтөмбай Төрөгелдин манап Кочкор өрөөнүндө, Мали уулу Сагаалы Тоң болуштугундагы Туура-Сууда (ал мектепте Казань менен Уфадан билим алып келген Э.Арабаев иштеген), 1911-жылы Байзак Тооке уулу менен Курман манап Жумгалда (“Курмандын мектеби”), Куланакка жакын Кара-Булакта, Сооронбай Дүр уулу Чүйдө ушундай мектептерди ачышкан. Ош шаарында Фазылбек Касымов тарабынан мектеп ачылып, анда алтымыштан ашык бала билим алып турушкан. Кара-Суудагы мектепте жыйырмадай бала окуган. Куршабда (Өзгөн) Эраалы миңбашы Ташкенттен Гулан Зафари деген мугалимди алып келип мектеп ачкан. 1907-жылы Өзгөндүн өзүндө Факриддин, Рахим молдолордун демилгеси менен мектеп-медресе ачылган. Жалал-Абадда Мырзакул болуш атайын имарат салдырып, Бухарадан мугалимдерди алдырып, окууга шыктуу балдар үчүн билим алууга ыңгайлуу шарттарды түзгөн. XX к. баш ченинде 100гө жакын жаңы усулдагы мектеп-медреселер, ал эми Кыргызстанда 30га жакын мектеп ачылган.

Жергиликтүү элдин айрым өкүлдөрү өздөрү салдырган мектеп, медреселер үчүн татар, башкыр агартуучуларын алдыртып элдин маданиятынын өнүгүшүнө кам көрүшөн. Айрым татар, башкыр агартуучулары аймакта кыймылды жайылтуу максатында өздөрү келишкен. Түркстан, анын ичинде Кыргызстанда татар-жадид агартуучулары көбөйүп, таасири күч ала баштаган. Агартуучулардын, айрыкча татар жадидчилердин Түркстандагы ишмердүүлүгү падышачылык өкмөттү тынчсыздандырган. Кыргыздын белгилүү инсаны Жусуп Абдрахманов: “Кыргыз айылдарында жаңы усулдар менен окута турган, табигат таануу, география, тарых ж.б. сабактарды окута турган мектептерди ачуу борбордук Россиядагы революциялык уюмдарды жана ушундай мектептерди ачууга катаалдык менен тыюу салгандай эле куугунтукка алынган”, - деп жазгандай Түркстандагы жергиликтүү орус бийлиги 1910-1911-окуу жылында эле 50дөн ашык жаңы усулдук мектептерди жойгон.

XIX кылымдын аягында пайда болгон мусулман өлкөлөрүндөгү реформалоолор менен “пантүркизм”, “панисламизм” идеялары, жадидчилердин агартуучулук ишмердүүлүктөрү аймакты дүйнөлүк цивилизациянын алкагына кошууга багытталган. Натыйжада, И.Арбаев, Б.Солтоноев, Д.Сооронбаев сыяктуу чыгаан инсандар илимдин, билимдин өнүгүшүнө, коомдун жакшырышына үмүт артышып, кызмат кылышкан жадичил-агартуучулар калыптанган.

**“Кыргыз Агартуучулугунун жетишкендиктери жана натыйжалары”** деп аталган үчүнчү баптын төртүнчү параграфында XIX к.-XX к. башындагы кыргыз Агартуучуларынын жана Кыргызстандагы Агартуучулук процессинин жүрүшүндөгү натыйжалары менен жетишкендиктерине баа берилди.

Көчмөн маданияттын контекстинде калыптанган элибиздин Агартуучулук идеялары XIX к. – XX к. башында акын-агартуучулар, коомдук-саясий ишмерлер, алгачкы интеллигенциянын өкүлдөрү тарабынан мейкиндик, мезгилдик өзгөрүүлөргө ылайык өнүгүп-өскөн. XIX к.–XX к. башындагы кыргыз агартуучулары алгач элдин сабатсыздыгын ачуу менен өнүккөн коомдук өнүгүүгө карай үндөшсө, кийинчерээк эркиндик, социалдык теңдик, мамлекеттүүлүк сыяктуу улуттун кызыкчылыгындагы түйүндүү маселелерди чечүүнү көтөрүшкөн.

Кыргыз элинин тарыхы байыртадан эле Борбордук Азиядагы тарыхый процесстердин тутамында өнүгүп, “Агартуу доору” деп аталган өзгөчө коомдук-өнүгүү процесси атайлап каралган эмес. Бул өткөн кылымдагы евроцентристтик маанайдагы көз караштан болсо керек. Бирок ошого карабастан бул аймактын тарыхый-маданий өнүгүүсүндө, ойчулдардын эмгектеринде Батыш Европадагы “Агартуу дооруна” таандык мүнөздүү белгилер каралып келген.

Бир катар илимий эмгектерде кыргыз Агартуусунун тарыхын, башталышын XIX кылымдын экинчи жарымынан баштап, Кыргызстандын Россиянын курамына кириши менен байланыштырышса, айрым окумуштуулар кыргыз Агартуусунун тарыхын XVIII кылымдын аягы – XIX кылымдын биринчи жарымынан баштап карашат. XIX-XX к. башындагы Кыргызстандагы коомдук өнүгүүнү талдоо менен кыргыз Агартуусунун калыптанышындагы ислам маданиятынын баалуулуктарын эске алып калыптануу этабын XIX кылымдын башына таандык десек туура болгудай. Адамзаттын тарыхындагы бардык коомдук-маданий этаптардын калыптануу, өнүккөн же болбосо кийинки коомго өтүү мезгили сыяктуу эле Кыргызстандагы Агартуучулуктун калыптануу, өнүгүү этаптарынын болушу табигый нерсе. Башкача айтканда, кыргыз агартуусунун тарыхын XIX кылымдагы Агартуучулуктун калыптануу жана XX кылымдын башындагы өнүгүү этабы деп экиге бөлүп карасак болот.

Биринчи этаптагы Агартуучулардын ишмердүүлүгү табигыйлуулугу менен айырмаланат. Калыгул (1785-1855), Арстанбек (1824-1878), Токтогул (1864-1933), Алымбек датка Асан бий уулу (1799-1862) ж.б. ишмердүүлүгүндө салттуу элдик билимдин негизинде жүргүзүшкөн. Ушул эле этапка таандык Молдо Нияз (1823-1896), Молдо Кылыч (1868-1917), Нурмолдо (1838-1929),

Тоголок Молдо (1866-1942) ж.б. агартуучулардын ишмердүүлүктөрүндө тубаса табигыйлуулук болгон, бирок алардын айырмачылыгы салттуу ислам баалуулуктарынын негизинде кат-сабаттарын ачышып, өздөрү да салттуу педагогиканын негизинде элге кызмат кылып келишкендигинде. "Табигыйлуулуктун" түпкү маани мазмуну, идеясы элдик фольклордон, кыргыз акылмандарынын, агартуучуларынын дүйнөтаанымынан келип чыккан ой-топтомдорун камтылган. Натыйжада, агартуучулар улантуучулуктун негизинде топтолгон элдин руханий маданиятын кийинки муунга берүү менен эле чектелишпестен, өздөрү дагы чыгармачылык менен толуктап, байытышкан.

Агартуунун экинчи этабына аймактын Европа маданиятына тартылышы, орус-тузем мектептеринин, жадидчилик кыймылдын жайылышы, элдин илим, билимге болгон муктаждыгы, өнөр жайдын калыптана башташы мүнөздүү. Бул мезгилдин агартуучулары Алдаш Жээнике уулу Алдаш Молдо (1876-1930), Шабдан Жантай уулу (1839-1912), Осмонаалы Сыдык уулу (1875-1942), Белек Солтоноев (1878-1938), Эшенаалы Арабаев (1882-1933), Дүр Сооронбаев (туулган жылы белгисиз-1918), Касым Тыныстанов (1901-1938) ж.б. болуп алардын ишмердүүлүгүнө колониалдык мезгилде ачылган орус-жергиликтүү, усул жадид мектептеринин таасири чоң болгон. Алардын Агартуучулук ишмердүүлүгүндө жаңы багыттар билим берүүдөн баштап коомдук-саясий иштерге чейинки жигердүүлүктөр байкалат. Мурунку этапка караганда мында идеялык булактар менен Агартуунун маани мазмунундагы өзгөчөлүктөр да айырмаланып турат. Окуу куралдарды түзүшүп, чыгармаларын басмаканалардан чыгарышкан. Элдин мүдөө-максаттарын кое билишкен агартуучулар коомдогу болуп жаткан өзгөрүүлөргө, Кыргыз-Совет мамлекетинин калыптанышына, улуттук агартуу системасынын түптөлүшүнө түздөн-түз катышышкан. Башкача айтканда, Кыргызстандагы Агартуучулуктун түздөн-түз жыйынтыгы катары кызмат кылышкан.

## КОРУТУНДУ

Адатта, Агартуу дооруна болгон евроцентристтик, догмалык көз караштардан улам адамзаттын тарыхындагы бул доорду бир аймак менен гана чектеп, карап келишкен. Билимдүү Батыш Европа өзүнө адамзаттын буга чейинки дүйнөлүк маданиятынын үлгүлөрүн, тажрыйбаларын (античтик, Рим, Ренессанс, орто кылымдагы мусулман маданиятын) сиңирүү менен XVII к. аягы – XVIII к. ичинде Агартуу идеясын көтөрүп чыкканы белгилүү.

Европанын агартуучулары өздөрү жашаган доордун социалдык проблемаларын адамзаттын тарыхынын баштапкы баскычындагы табигый теңчилик, эркиндикке жетүү менен чечүүгө аракет кылышкан. Дж.Локк, Ф.М.Вольтер, Ж.Ж.Руссо сыяктуу Агартуучулук идеясынын негиздөөчүлөрү тең укуктуу, эркин, өнүккөн коомду артка тарткан "түркөйлүктөн" кутулуунун жолун издешип, аны агартуудан көрүшкөн. Агартуучулуктун мазмунун элди караңгычылыктан жакырчылыкка, сабатсыздыктан сабаттуулукка, билимсиздиктен билимдүүлүккө жана жакырчылыктан бардарчылыкка үндөө

менен элдердин өнүгүшүнө жолтоо болбогон адилеттүү, тең укуктуу, көз карандысыз, өнүккөн коомдуу курууга чакыруудан көрүшкөн.

А бирок турмуш чындыгы же диалектиканын мыйзамдары көрсөткөндөй Агартуучулук руханий коомдук өнүгүнүн закончененемдүү этабы катары Чыгыш, анын ичинде кыргыз элинин тарыхында да болуп, ал Агартуу дооруна таандык жалпы мүнөздөр менен бирге кыргыз элине таандык өзгөчөлүктөргө дагы ээ болгон.

Кыргыз элинин европалык цивилизацияга тартылуу аракеттери XVIII кылымдын аягында эле башталган. Геосаясий шарттарга чиеленишкен ал мезгилде Атаке бий баштаган эл башчылары клерикализм, феодалдык мамилелер жана караңгычылык үстөмдүк кылган Кокон хандыгы менен Цин Кытайына караганда алда канча өнүккөн Россия империясына, аны менен европалык цивилизацияга ыкташып, тубаса туюму менен кыргыз элинин келечегин ошол жакка багыттаганга аракеттенишкен.

Азыркы учурдагы жаңылануу процесси коомдук турмуштун бүткүл чөйрөсүн өзүнө камтып, өнүгүүнүн өткөн жолуна, маданиятына, руханий мурастарына, интелектуалдык ишмердүүлүктөрүнө, жетишкендикттерине кайрадан кайрылуу менен анын баалуулуктарын аныктап, тактап, мүчүлүштүктөрүнөн арылтууга шарт түзүп турган учур. Ушунун шарданы менен Кыргызстандын тагдырына өзгөчө таасирин тийгизип, анын тарыхында өзгөчө орун ээлеп, бирок ошого жараша өз баасын ала албай келе жаткан Агартуучулук феномени дагы кайрадан карап чыгууну талап кылып отурат.

Дүйнөлүк Агартуучулуктай эле кыргыз Агартуучулугу дагы эркиндик, теңдик, көз карандысыздыкка умтулуп, кыргыз элинин коомдук өнүгүшүн кечеңдеткен сабатсыздыктан, түркөйлүктөн арылууга өз салымын кошуп келген.

Жогоруда белгилегендей жана диссертациялык изилдөөнүн мазмуну айгинелегендей, кыргыз Агартуучулугунун дүйнөлүк Агартуучулуктан айырмаланган жактары бар. Аларды хронологиялык, коомдук – саясий, методологиялык, теориялык, максаттуулук сыяктуу өңүттөрдөн көрүүгө болот. Мисалы, Батыштагы Агартуучулук XVII – XVIII кылымда болсо, Кыргызстанда XIX – XX кылымда болгон, батыш Агартуучулугу буржазиялык революциянын идеологиясы болсо, Кыргызстан курамында болгон Россиянын Агартуучулугу абсолюттук монархиялык бийликтин идеологиясы болгон. Батышта Агартуучулук курч антиклерикалык мүнөздө болсо, Россия менен Кыргызстанда бул процесс динчилдер менен биргелешип ишке ашырылган болучу.

Диссертациялык изилдөө көрсөткөндөй, Кыргызстандагы Агартуучулук узакка созулган жана сырткы-ички ар кандай күчтөр таасир этип, ишке ашырууга өз салымын кошкон процесс катары белгилүү болуп отурат. Ошого жараша, кыргыз Агартуучулугунун бир нече катмарлардан куралып, ар кандай коомдук-саясий күчтөрдүн (Кокон, Россия) жана ар түркүн диний-маданий факторлордун таасири менен түзүлгөн феномен катары карасак болот.

Эң оболу, Кыргыз Агартуусунун башатындагы инсандар өз доорунун прогрессивдүү ой-жүгүрткөн, билимдүү, даанышман нукура кыргыз акылмандары болуу менен бирге элдик оозеки чыгармаларды сактоочулар, аларды улам кийинки муунга өткөрүп берүүчүлөр болушкан. Көп кырдуу таланттуу агартуучулар салттуу коомдо болуп жаткан процесстерди акыл эстери менен калчап көрүп, өздөрүнүн ой-толгоолору, чыгармачылыктары аркылуу кийинки муундарга өткөрүп, аны менен калың элге жеткизип келишкен. Алардын коомду, адамды, жаратылышты түшүнүүгө болгон аракети, элдик маданият менен салттуу билимди жанданткан.

Ал эми, кыргыздардын Кокон хандыгына кириши менен кыргыз Агартуучулугунда салттуу ислам дининин таасири күчөп, диний билим, диний маданият менен диний аң-сезим, ислам этикасы менен эстетикасы Агартуучулуктун өнүгүүсүнүн кийинки этабына тиешелүү өзгөчөлүктөрдү жана өнүгүүнү алып келген.

Кыргызстандын тарыхынын мындан кийинки этабында Россиялык колониализмдин өзгөчө орду бар экендиги талашсыз. Ошондой эле, кыргыз Агартуучулугунда дагы анын оң жана терс мүнөздөгү орду бар экени белгилүү. Ушундан улам Россиялык колониализимдин кыргыз Агартуучулугуна тийгизген таасирин мамлекеттик жана мамлекеттик эмес деп эки деңгээде баалап, позитивдүү жана негативдүү мүнөздө кароого болот.

Россия колониализминин мамлекеттик деңгээлдеги таасир түздөн – түз Падышалык Россиянын мамлекеттик саясатына байланышкан расмий иш чаралардын негизинде болгон. Мунун натыйжасында шаарлар жана жаңы айыл – кыштактар пайда болуп, жолдор, темир жолдор, пароходчулук салынган, оорукана, китепкана, мектеп, кесиптик окуу жайлары ачылган, газета, журнал, китептер чыгарыла баштаган. Албетте, Россиянын айрым чөйрөлөрүндө мындай аракеттер бул империянын цвилизаторлук саясаты деп аталып, муну менен Россиянын колониалдык басып алууларын актаганга аракет кылышкан. Ырасында эле ушундай болгон. Бирок, Россиянын колониалдык саясатын муну менен актоого болбойт. Ошол эле учурда, диссертациялык изилдөөлөрдө көрсөтүлгөндөй, Россиянын цивилизаторлук иш аракеттеринин айрым позитивдүү жактары кыргыз Агартуучулугуна өз салымын кошконун танууга дагы болбойт. Ошондой эле, жогоруда белгилегендей, анын салымы эки мүнөздө башкача айтканда оң жана терс болуп, кыргыз Агартуучулугуна эки башка таасир этип келген.

Россиялык колониализмдин Кыргызстандагы Агартуучулукка тийгизген таасиринин экинчи деңгээли шарттуу түрдө мамлекеттик эмес деңгээлдеги жүргүзүлгөн ишмерүүлүктөн улам болгон. Бул иштер кыйыр түрдө мамлекеттин саясаты менен жүргүзүлгөн жана анын көп бөлүгү түздөн-түз мамлекеттик макам астында аткарылган эмес. Миссионерлердин негизги аракеттери үгүт – насыят иштери, окуу пландары менен окуу китептерин даярдоо, билим – тарбия иштерин уюштуруу, илимий – изилдөө иштерин, диний үгүттө амалдарын аткаруу сыяктуу нерселерге байланыштуу болгон. Миссионерлердин иши шарттуу түрдө мамлекеттик эмес деңгээлде

жүргүзүлгөнү менен Агартуучулуктун ишине анын оң жана терс мүнөздөгү олуттуу таасирлери тийген.

XX кылымдын башында Кыргызстандагы Агартуучулука барандуу салымын кошкон дагы бир феномен катары ислам модернизминин туундусу болгон жадидчиликти айтууга болот. Эгер, XVIII - XIX кылымда салттуу ислам кыргыз Агартуучулугуна тиешелүү деңгээлде өз салымын кошуп келген болсо, XX кылымда ал Агартуучулукту гана эмес Кыргызстандын бүтүндөй коомдук өнүгүшүн артка тарткан реакциячыл мүнөзгө ээ болуп калган. Натыйжада, кадимчилер деп аталган мындай мусулманчылыктан бөлүнүп чыккан анын прогрессивдүү бөлүгү жадидчилер деген ат менен исламды модеринизациялап, аны XX кылымдагы коомдун мүдөө – талаптарына тууралаганга өтүшкөн. Исламды модернизациялоонун биринчи этабында алар балдарга билим-тарбия берүү жаатында гана иш алып барышып, светтик билим алган жана сабаттуу мусулмандарды окутуп – тарбиялоону көздөшкөн. Кийинки этабында алар Кыргыз коомчулугунун аң-сезиминин, саясий – идеологиялык деңгээлинин жогорулатуу маселесин колго ала баштаган жана мамлекеттик деңгээлдеги маселелерге кийлигишип калышкан. Ошентип, алар Кыргызстандагы Агратуучулука өтө чоң салым кошушкан. Алардын жана алар окутуп – тарбиялагандардын арасынан кыргыз-совет интелегенциясынын мыктылары өсүп чыгып, бир кылымдан ашык мезгилге созулган Кыргыз Агартуучулугунун эң сонун натыйжаларынын бири катары белгилүү болгон.

Бир кылымдан ашык мезгилге созулган Кыргызстандагы Агартуучулуктун жаралып, калыптануу жана өнүгүү процесси XX кылымдын башында өзүнүн жакшы натыйжалары менен жыйынтыктарын берген. Муну бери болгондо XX кылымдын башындагы Кыргызстандын тарыхында орун алган ири тарыхый процесстер далилдей алышат.

Биринчиден, “Манас” эпосу баш болгон кыргыздардын салттуу маданиятынын дээрлик баардык жанрлары менен үлгүлөрүнүн сакталып, толукталып олтуруп, кийин Кыргызстандын классикалык маданиятына уютку болуп бергенинен байкасак болот.

Экинчиден, 1916 – жылдагы Улуттук-боштондук күрөшүнө, 1917 – жылдагы Октябрь социалистик революциясына жана 1924-1936 жылдары Кыргыз-Совет мамлекетинин түзүлүшүнө байланышкан коомдук-саясий татаал процесстерде кыргыз элинин кызыкчылыктарын көздөп, талабын талаша турган тунгуч кыргыз – совет интелегенциясынын калыптанып калганынан көрүүгө болот.

Үчүнчүдөн, Кыргыз – совет мамлекети түзүлгөндөн кийин өлкөнүн билим берүү жана илим иштерин уюштурууда, массалык-маданий тармагын жолго коюуда жана жаш мамлекеттин социалдык – экономикалык чөйрөсүн жөндөп кетүүдөгү кыргыз Агартуучулук феномени жараткан чыгаан инсандардын ишин карап туруп ынанууга болот.

XIX-XX к. башындагы Кыргызстандагы Агартуучулуктун калыптанып, өнүгүшү боюнча төмөндөгүдөй **жыйынтык** чыгарсак болот:

1. Агартуу дооруна болгон евроцентристтик, догмалык көз караштардан улам адамзаттын тарыхындагы бул этапты бир аймак менен чектеп карап келишкен. Турмуш чындыгы же диалектиканын мыйзамдары көрсөткөндөй Агартуучулук руханий коомдук өнүгүүнүн этабы катары кыргыз элинин тарыхында да болуп, жалпы агартуу дооруна таандык жалпылык мүнөздөр менен өзүнө таандык өзгөчөлүктөргө ээ болгон.

2. Кыргыз Агартуусунун калыптанышына Кокон хандыгы менен падышалык Россиянын мезгилиндеги коомдук-саясий, экномикалык жана маданий өнүгүүлөр таасир этип, элдик оозеки чыгармачылык менен салттуу билимдер, салттуу ислам маданияты анын идеялык негизин түзгөн. Кыргыз агартуучуларынын ишмердүүлүктөрү Агартуучулуктун бул этабында табигыйлуулугу менен айырмаланып, салттуу Агартуучулук процесси жүргөн.

3. Падышачылык колониализмдин мезгилиндеги Россиялык цивилатордук иш-аракеттери менен миссионер-агартуучулардын прогрессивдүү, негативдүү мүнөздөгү оң жана терс таасири Кыргызстандагы Агартуучулуктун өнүгүшүнө олуттуу таасирин тийгизген.

4. XX кылымдын башындагы жадидчилик кыймыл Агартуучулуктун улуттук мүнөздөгү жаңы этабынын башталышын түрткү болгон. Кыргыз агартуучуларынын жаңы форматта ой-жүгүрткөн мууну өсүп жетилген. Алар улуттун кызыкчылыгын сактоо менен дүйнөлүк цивилизациянын алкагына тартууну сунушташкан.

5. Кыргызстандагы Агартуучулук кыймыл Калыгул, Арстанбек, Молдо Нияз, Молдо Кылыч, Нурмолдо, Алдаш Молдо, Токтогул, Тоголок Молдо, Алымбек датка Асан бий уулу, Шабдан Жантай уулу, Эшенаалы Арабаев, Дүр.Сооронбаев, Касым Тыныстанов ж.б. агартуучулардын ишмердиктери менен байланышта болгон. Кыргыз агартуучуларынын ишмердүүлүктөрүнө жараша экиге: XIX кылымдагы Агартуучулуктун калыптануу жана XX кылымдын башындагы өнүгүү этабы деп бөлүп карасак болот. Агартуучулуктун биринчи этабында агартуучулардын ишмердүүлүктөрү элдик оозеки чыгармачылык, салттуу билим жана салтту ислам баалуулуктары менен байланышта болуп, өзүнүн тубаса табигыйлуулугу менен айырмаланып, негизги басым элдин илимге, билим алууга болгон кызыгуусун жандандыруу жана салттуу маданияттын руханий дөөлөттөрүн сактап, толуктоо менен элдин биримдигине, элдик коомдук аң-сезимдин жогорулашына тийгизген арактетери мүнөздөлөт. Ал эми Агартуучулуктун экинчи өнүгүү этабында XX кылымдын башындагы улуттук аң-сезимдин жогорулашы менен элдин колониалдык режимге каршы улуттук-боштондук көтөрүлүшкө чыгышы, кыргыз агартуучуларынын 2017-жылдагы февраль, Октябрь социалисттик революцияларынан кийинки коомдук-саясий процесстерге активдүү катышы, Кыргыз-Совет мамлекетинин, агартуу системасынын калыптанышына түздөн-түз катышуулары, маданий-агартуу жагында китеп чыгарып, окуу куралдары түзүү ж.б.у.с жаңылыктарды киргизүүлөрү менен мүнөздөлөт.

Кыргызстандагы Агартуучулуктун XIX к. – XX к. башындагы жаралуу, калыптануу жана өнүгүү тарыхын изилдеп чыккандан кийин төмөндөгүдөй **практикалык сунуштар** берилет:

- Кыргызстандагы Агартуучулуктун калыптанып, өнүгүшүн мындан дагы тереңдетип жана кеңейтип изилдөө менен Кыргызстандын тарыхындагы Агартуучулук феноменин Ата-Мекен тарыхына өз алдынча тема катары киргизүү аракеттерин улантуу керек.
- Кыргызстандагы Агартуучулуктун жаралуу, калыптануу жана өнүгүү доорун XIX кылым – XX кылымдын башы катары Кыргызстандын тарых илиминде кабыл алынышын мындан ары дагы илимий негизде ар тараптан далилдеп, сунуштоо зарыл.
- XIX- XX к. башындагы Кыргызстандагы Агартуучулук боюнча Россия, Өзбекстан жана Казакстандагы тарыхый булактар менен эмгектерди тереңирээк изилдеп, анализдеп объективдүү баа берүү маселесин мындар ары дагы улантуу талап кылынат.
- Агартуучулук феномени тууралуу маселелерди жогорку кесиптик, орто кесиптик жана жалпы билим берүү системаларынын окуу куралдарына киргизүү абзел.
- Мурда үстүртөдөн каралып келген Кыргызстандын XIXк.- XX к. башындагы айрым агартуучулардын ишмердиктери терең изилдөөгө алынып, дыкаат анализденип, алар тууралу тиешелүү эмгектер жарыяланышы талап кылынат.
- Агартуучулуктун феноменин ар тараптуу изилдөө, анын маселелерин талкулоо жана тарыхый объективизм позициясынан адекваттуу илимий баа берүү үчүн ар кандай форматтагы илимий форумдарды өткөрүүнү жолго коюш шартталат.

**Диссертациянын негизги мазмуну төмөнкү илимий макалаларда чагылдырылды:**

1. Карыева, А.К. Кыргыз элинин алгачкы агартуучулары [Текст] /А.К.Карыева // Вестник ИФиППИ НАН КР № 3. – Бишкек, 2011. – 82-85 бб.
2. Карыева, А.К. XIX кылымдын агартуучуларынын тарыхый-философиялык көз карашынын калыптанышы [Текст] /А.К.Карыева //Вестник КНУ им. Ж.Баласагуна. Выпуск 5. – 2012. – С. 128-130 бб.
3. Карыева, А.К. Жусуп Абдрахманов 1916-жылдагы кыргыздардын көтөрүлүшүнүн себептери жөнүндө [Текст] /А.К.Карыева // И.Арабаева ат. КМУ Жарчысы № 3. – Бишкек, 2012. – 25-28 бб.
4. Карыева, А.К. «Манас» эпосундагы агартуучулук идея [Текст] /А.К.Карыева //Гуманитарные проблемы современности. НАН КР ИФиППИ. Выпуск 19. – Бишкек 2014. – С. 37-42.
5. Карыева, А.К. Кыргыз агартуучулугун калыптануусундагы тарыхый өбөлгөлөр [Текст] /А.К.Карыева //Цивилизациянын кесилишиндеги: тил, маданият, коомдук аспектилери /1-Эл аралык илимий конференциянын материалы. – Бишкек, 2014. – 238-240-бб.

6. Карыева, А.К. Токтогул – улуу агартуучу [Текст] /А.К.Карыева //Тоо булбулу Токтогул /Кыргыздын залкар демократ акыны Т.Сатылгановдун 150 жылдык мааракесине арналган илимий жыйындын баяндамалары жана макалалар топтому. – Бишкек, 2014. – 111-113-бб.

7. Карыева, А.К. Агартуучулуктун калыптанышындагы «Манас» эпосунун орду [Текст] /А.К.Карыева // Вестник «Alatoo academic studies» (Эл аралык илимий журнал). № 2, 2015. 146-151 бб.

8. Карыева А.К. Жусуп Баласагын жана «Кутадгу билигдеги» агартуучулук идея [Текст] /А.К.Карыева //Кыргыз жана Карахандар каганаттары: Куттуу билим жана мамлекет: Карагандар доорунун залкар ойчулу жана акыны Жусуп Баласагындын 1000 жылдыгына арналган IV эл аралык илимий-тажрыйбалык жыйындагы баяндамалардын жыйнагы. – Бишкек, 2015. – 368 б. – 109-112 бб.

9. Карыева, А.К. Кыргыз агартуусунун тарыхындагы аялдардын проблемасы [Текст] /А.К.Карыева //«Женщины Кыргызстана: реалии и перспективы» Тарых жана маданият жылына, Ататурк-Алатоо универстетинин 20 жылдыгына, КР аялдар конгрессинин 23-жылдыгына арналган 2-Эл аралык илимий-практикалык конференциянын жыйнагы. – Бишкек, 2016. – 230 с. 51-54 бб.

10. Карыева, А.К. Түрк доорундагы маданияттын агартуунун өнүгүшүндөгү орду [Текст] /А.К.Карыева // Жусуп баласагындын «Куттуу билими» - X-XI кылымдардагы Борбордук Азиядагы мусулмандык кайра жаралуунун кузгусу: Жусуп Баласагындын 1000 жылдыгына арналган V «Кыргыз жана Карахандар каганаттары» эл аралык илимий-тажрыйбалык жыйынынын материалдары. – Бишкек, 2016. – 416 б. – 306-309 бб.

11. Карыева, А.К. И.Арабаев – мамлекеттик ишмер жана агартуучу [Текст] /А.К.Карыева //Эгемен өлкө. Демократиялуу коом. Эркин атуул: Кыргыз Республикасынын мамлекеттик көз карандысыздыкка ээ болгондугунун 25 жылдык мааракесине арналган жыйнак. – .: Maxprint, 2016. – 380 б. – 266-272 бб.

12. Карыева, А.К. Культура тюркской эпохи в Центральной Азии и ее вклад в развитие культуры и просвещения [Текст] /А.К.Карыева //Проблемы современной науки и образования. – Москва. 2017. №2 (84). – С. 36-39.

13. Карыева, А.К. Исторические предпосылки просветительства в Кыргызстане (XIX - начала XX вв.) [Текст] /А.К.Карыева //Вестник науки и образования. – Москва. 2017. №2 (26). – С.29-32.

14. Карыева, А.К. Совет дооруна чейинки орус окумуштууларынын Түркстандагы агартуучулукту изилдеши [Текст] /А.К.Карыева //Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – Бишкек. 2017. № 2. – 100-102 бб.

15. Карыева, А.К. Кыргыз агартуусуна таандык мүнөздүү белгилер [Текст] /А.К.Карыева //Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – Бишкек. 2017. № 2. – 103-107 бб.

16. Карыева, А.К. Кыргыз агартуусунун тарыхындагы аялдардын орду [Текст] /А.К.Карыева //Известия ВУЗов Кыргызстана. – Бишкек. 2017 № 2. – 80-81 бб.

17. Карыева, А.К. Шабдан баатырдын агартуучулук ишмердиги [Текст] /А.К.Карыева //Известия ВУЗов Кыргызстана. – Бишкек. 2017 № 2. – 82-83 бб.

18. Карыева, А.К. Просветительство в Кыргызстане в XIX веке: вклад исламской культуры[Текст] /А.К.Карыева //Вестник науки и образования. – Москва. 2017. №2 (26). – С. 32-36.

19. Карыева, А.К. Идейные истоки кыргызского просветительства [Текст] /А.К.Карыева //Вестник науки и образования. – Москва. 2017. № 3 (27). Том 2. – С. 24-26

20. Карыева, А.К. Развитие просветительства в Кыргызстане в начале XX века [Текст] /А.К.Карыева //Вестник науки и образования. – Москва. 2017. № 3 (27). Том 2. – С. 27-31

21. Карыева, А.К. Просветители и создание автономной области кыргызов [Текст] /А.К.Карыева //Проблемы современной науки и образования. – Москва. 2017. №12 (14). – С. 43-47.

22. Карыева, А.К. Просветительская деятельность Ишенаалы Арабаева [Текст] /А.К.Карыева //Наука, техника и образование. – Москва. 2017. № 4 (34). – С. 86-90.

23. Карыева, А.К. Кыргызстанда өнөр жайдын калыптанышынын агартуучулукка тийгизген таасири (XIX к. – XX к. башы) [Текст] /А.К.Карыева // Н.Исанов ат. КМКТАУнун Жарчысы. 2017. № 1 (55). – 104-109 б.

24. Карыева, А.К. Кыргызстандын тарыхындагы алгачкы илимий эмгек [Текст] /А.К.Карыева // Н.Исанов ат. КМКТАУнун Жарчысы. 2017. № 1 (55). – 109-113 б.

25. Карыева, А.К. Формирование мировоззрения кыргызских акынов-просветителей XIX в. [Текст] / А.К.Карыева. // Общество: философия, история, культура. – РФ. Краснодар. 2017. № 7. – С.84- 86.

26. Улуттук аң-сезимдин жогорулашындагы Агартуучулуктун орду. [Текст] / А.К.Карыева. //Известия ВУЗов Кыргызстана. – Бишкек. 2017 № 2. – 80-81 бб.

**Карыева Анара Карыевнанын «Кыргызстандагы Агартуучулуктун калыптанышы жана өнүгүшү (XIX к.– XX к. башы)» аттуу 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин доктору окумуштуу даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын**

# РЕЗЮМЕСИ

**Негизги сөздөр:** Агартуучулук, агартуу, Агартуу кыймылы, Агартуу доору, агартуучулар, агартуу жайлары, маданият, өнүгүү, ислам модернизми, цивилазордук саясат, коомдук аң-сезим, улуттук аң-сезим.

**Изилдөөнүн объектиси** – Кыргызстандын XIX к. – XX к. башындагы социо-маданий тарыхы.

**Изилдөөнүн предмети** – XIX кылымдан XX кылымдын башына чейинки мезгилдеги Кыргызстандагы Агартуучулуктун калыптануу жана өнүгүү процесси.

**Изилдөөнүн максаты** XIX к. – XX к. башындагы Кыргызстандагы Агартуучулуктун калыптануу жана өнүгүү тарыхын изилдөө болуп саналат.

**Изилдөө ишинин методологиялык негизин** тарыхый объективдүүлүк, комплекстүү жана диалектикалык анализ жасоо, конкреттүү-тарыхый, тарыхый-салыштырмалуулук талдоо ыкмалары менен историзм принциби түздү.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы:** XIX к.-XX к. башындагы Кыргызстандагы Агартуучулук кыргыз тарыхнаамасында коомдук өнүгүүнүн тарыхый мыйзамченемдүү процесси катары жана бул маселеге болгон бир жактуу евроцентристтик позицияга жооп ирээтинде комплекстүү изилдөөгө алынды. Кыргыз Агартуучулугунун калыптануусунун идеялык булактары такталып, анын коомдук аң-сезимдин жогорулашына тийгизген таасири аныкталды. Агартуучулуктун калыптанышындагы салттуу ислам баалуулуктарынын ээлеген орду такталды. Колониалдык доордогу Россиянын цивилизатордук миссиясы менен миссионер-агартуучулардын кыргыз Агартуучулугунун өнүгүшүнө кошкон салымдары аныкталып, алардын ишмердүүлүгүндөгү терс көрүнүштөгө баа берилди. XX к. башындагы ислам модернизминин Кыргызстандагы Агартуучулуктун дүйнөлүк цивилизацияга тартууга кылган ишмердиги такталды. XIX к. – XX к. башындагы кыргыз агартуучулардын ишмердүүлүктөрүнө анализ кылынуу менен улуттук аң-сезимдин жогоруланышына тийгизген таасири аныкталды.

**Изилдөөнүн теориялык-практикалык мааниси.** Изилдөөнүн жыйынтыгы Кыргызстандын XIX к.-XX к. башындагы тарых наамасындагы белгилүү бир илимий маселесин тереңдетүү менен кыргыз Агартуучулугунун тарыхын изилдөөдөгү иштерге, Кыргызстандын XIX к. - XX кылымдын башындагы тарыхын жазууда жана окутууда пайдаланууга болот. Ошондой эле диссертациянын материалдары жалпы билим берүүчү мектептер, жогорку жана атайын окуу жайлары үчүн дарстарды, атайын курстарды, окуу китептерди, усулдук колдонмолорду даярдоодо кеңири колдонулушу мүмкүн.

**РЕЗЮМЕ**

**диссертации Карыевой Анары Карыевны на тему: «Становление и развитие просветительства в Кыргызстане (XIX –начало XX веков)» на соискание ученой степени доктора исторических наук по специальности 07.00.02.-Отечественная история.**

**Ключевые слова:** просветительство, просвещение, движение просветительства, эпоха просвещения, просветители, просветительские учреждения, культура, развитие, исламский модернизм, цивилизаторская политика, общественное самосознание, национальное самосознание.

**Объектом исследования** является социокультурная история Кыргызстана в XIX - начала XX веков.

**Предмет исследования** – становлении и развитие просветительства в Кыргызстане в XIX - начале XX веков.

**Методологическую основу исследования** составили принципы объективности, историзма, в работе применялись конкретно-исторический, сравнительно-сопоставительный методы, был осуществлен комплексный и диалектический анализ рассматриваемых событий и явлений.

**Целью диссертационной работы** является комплексное исследование истории становления и развития просветительства в Кыргызстане в XIX - начале XX веков.

**Научная новизна исследования:** впервые в комплексном плане исследована история развития кыргызского просветительства XIX –нач. XX вв. как закономерный исторический процесс общественного развития и как ответ односторонней евроцентристской позиции в исследовании данной проблемы; определены его идейные истоки, а также проанализировано его влияние на рост национального самосознания; освещена роль исламских ценностей в формировании просветительства; исследована деятельность российских миссионеров; раскрыты позитивные и негативные факторы цивилизаторской политики царизма по отношению к просветительству; показана роль исламского модернизма в процессах вовлечения кыргызского народа к достижениям мировой цивилизации; отмечны особенности кыргызского просветительства и деятельности кыргызских просветителей XIX-нач.XXвв.

**Практическое значение исследования**. Изучение процессов становления и развития просветительства в Кыргызстане позволило восполнить ряд «белых пятен» отечественной истории. Основные положения, выводы диссертации могут быть использованы при написании обобщающих трудов по отечественной истории, при разработке спецкурсов по истории просветительства, культуры кыргызского народа дореволюционного периода, при разработке методических пособий, при преподавании истории кыргызского народа в школах, высших учебных заведениях.

## SUMMARY

**On the thesis of Karieva Anara Karyevna on the topic: "Formation and development of enlightenment in Kyrgyzstan (XIX-beginning of XX centuries)" for the degree of Doctor of Historical Sciences in specialty 07.00.02.-Domestic history.**

**Key words:** enlightenment, enlightenment, enlightenment movement, educational epoch, enlightenment, educational institutions, culture, development, Islamic modernism, civilizational policy, public self-awareness, national self-consciousness.

**The object** of the study is the socio-cultural history of Kyrgyzstan in the nineteenth and early twentieth centuries.

**The subject** of the research is the formation and development of enlightenment in Kyrgyzstan in the nineteenth and early twentieth centuries.

The methodological basis of the research was based on the principles of objectivity, historicism, specific historical, comparative-comparative methods were applied, complex and dialectical analysis of the events and phenomena under consideration was carried out.

**The purpose** of the thesis is a comprehensive study of the history of the formation and development of enlightenment in Kyrgyzstan in the nineteenth and early twentieth centuries.

**The scientific novelty of the research:** for the first time in a complex plan, the history of the development of the Kyrgyz Enlightenment of the 19th century has been studied. XX centuries. as a natural historical process of social development and as a response to the unilateral Eurocentric position in the study of this problem; its ideological origins are defined, and its influence on the growth of national self-consciousness is analyzed; the role of Islamic values in the formation of enlightenment; the activities of Russian missionaries have been studied; The positive and negative factors of tsivilism's civilizational policy in relation to enlightenment are revealed; the role of Islamic modernism in the processes of involving the Kyrgyz people in the achievements of world civilization is shown; The peculiarities of the Kyrgyz enlightenment and the activities of the Kyrgyz enlighteners of the nineteenth-early nineteenth century are noteworthy.

**Practical significance of the study.** The study of the processes of formation and development of enlightenment in Kyrgyzstan made it possible to fill a number of "blank spots" of Russian history. The main points and conclusions of the thesis can be used to write general works on Russian history, to develop special courses on the history of enlightenment, culture of the Kyrgyz people in the pre-revolutionary period, to develop methodological aids, and to teach the history of the Kyrgyz people in schools and higher educational institutions.